# Талас облусуна 70 жыл

*“Талас өрөөнүнүн тарыхын, маданиятын жана адабий мурастарын изилдөө маселелери”*
*республикалык илимий-тажрыйбалык жыйын*















**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ МИНИСТИРЛИГИ**

**Талас областы, Талас райондук маданият, маалымат жана туризм бөлүмү.**

# Тарыхый маданий мурастарды сактоодо жана өнүктүрүүдө мамлекеттик органдар менен маданий мекемелердин биргелешкен ишмердүүлүгү аттуу республикалык семинар кеңешме

**«Маданият – жан дүйнөнүн азыгы»**

**Талас району**

**Июнь айы – 2013-ж.**

**Талас району** – административдик борбору Көкой айылы. Калкынын саны – 63349 адам (2013-ж) Деңиз деңгээлинен 1280м. бийиктикте жайгашкан.

**Талас райондук маданият, маалымат жана туризм бөлүмү**

Талас райондук маданият, маалымат жана туризм бөлүмү 1945-жылы уюшулган.

Талас райондук маданият, маалымат жана туризм бөлүмү астында Эсеп-кысап бөлүмү, райондук маданият үйү 1989-жылы уюшулган 13 айылдык клубу, 1 борборлоштурулган китепкана 1976-жылы уюшулган, 25 айылдык китепкана 1 балдар бөлүмдөрү бар.

Талас райондук маданият, маалымат жана туризм бөлүмүндө баардыгы болуп 75 кызматкер эмгектенет. 13 айылдык клубунда 4 вокал, 4 комуз, 20 кол өнөрчүлүк жана 5 бий ийримдери иштейт.

Талас райондук маданият, маалымат жана туризм бөлүмүндө 20 кызматкер маданияттын мыкты кызматкерлери.

Кутмандуу Талас жергеси эзелтеден таланттарга бай экендиги талашсыз. Айтылуу Эсенаман, Эшмамбет, Атай, Шекербек, Мейилкан, алардын жолун татыктуу улантышкан Республикаларынын Эл артисти, таланттуу обончу Түгөлбай Казаков жана башкалар биздин маданий мурастарыбыздын казынасын бөксөртпөйт.

Талас элдик театры 1963-жылдары райондук маданият үйүнүн алдында алгачкы ирет драмалык коллектив болуп уюшулган. Талантуу режиссер-коюучу Рыспек Кемпирбаевдин жетекчилиги менен А.Үмөталиевдин «Билсе азил, билбесе чын» пьесасын даярдап,Республикалык кароо-сынакка катышышып, жакшы ийгиликтерге жетишкендиктери үчүн драмалык коллективге Маданият министирлигинин 1964-жыл 2-февралындагы токтому менен «Элдик театр» деген ардактуу наам берилген.

Элдик театр наамын алган соң, коллективдин чыгармачыл жааматы 1965-жылы М.Токобаевдин «Кайгылуу Какей», 1966-жылы «Кызыл жоолукжалжалым», А.Осмоновдун «Ак-Мөөр», 1967-жылы М.Назаралиевдин «Карагул ботом» спектаклдерин жарыкка чыгарган.

1967-жыл, Талас элдик театры учун чыгармачылык жетишкендиктердин туу чокусу болду десек жаңылышпайбыз. Анткени, театрдын коллективи заманыбыздын чыгаан жазуучусу Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» повестинин негизинде коюлган спектакли менен Республикалык кароо-сынакка катышып, Элдик театрлардын арасында 1 орунга ээ болушуп, Москвада өтүүчү Бүткүл Союздук театралдык фестивалга катышуу укугуна татыктуу болушкан.

Москванын Кремль театрынын сахнасында оюн көрсөтүшүп, аларга Москвалык көрөрмандар алакан ысыта кол чабышкан. Фестивалдын жыйынтыгы менен Элдик театрга «Бүткүл Союздук театралдык фестивалдын лауреаты» деген ардак наамы ыйгарылган.

Талас райондук маданият бөлүмүм астында обончу-композитор Марат Алыбаевдин жетекчилиги астында «Таазим» ВИА уюштурулуп. Белгилүү ырчылар А.Жетигенова, Э.Турсуналиев, Ж.Сагынбаевдер үзүрлүү эмгектенишкен.

Талас райондук борборлоштурулган китепканасы 1976-жылы уюшулуп жалпы фонду 206 722, райондук балдар китепканасы 1976-жылы уюшулуп, жалпы фонду -18 135.

2009-жылы Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлиги тарабынан «Жылдын мыкты маданият бөлүмү» деп Талас райондук маданият бөлүмү сыйланган.

Азыркы учурда Талас райондук маданият уйунду эмгектенишип жаткан маданияттын мыкты кызматкерлери аткаруучу Калипа Чалова жана обончу Сабатар Исаков"Эл ичи - онор кенчи" кароо-сынагында баш байгеге ээ болуп Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан алтын жана күмүш медалдары менен сыйланышты.

1992-жылдан баштап ушу күнгө чейин Талас райондук маданият, маалымат жана туризм бөлүмүн Сыргалиев Нуржан Социалович жетектеп келет.



**Кыргыз Республикасы,**
**Талас областы , Талас району,**
**Манас көчөсү 100**
**тел:03422 58623; 03422 58624**
**e-mail: Talasraikulturara@mail.ru**

**Бакай - Ата району - 1936 жылы негизделген.**
**1977 - жылы кайра калыбына келген.**
**Жалпы ээлеген айдоо аянты 2450, 6 га**

| | |
|---|---|
| Калкынын саны | 44543 |
| Мектептер | 22 |
| Балдар бакчасы | 4 |
| Үй - бүлөлүк дарыгерлер тобу | 9 |
| Спорт аянтчасы | 30 |
| Маданий мекемелер | 9 |

Бакай - Ата райондук маданят бөлүмү 1977 - жылы негизделген.
Маданий агартуу мекемелери:

| | |
|---|---|
| Райондук маданият үйү | 1 |
| Клуб | 8 |
| Райлндук китепкана | 1 |
| Райондук балдар китепканасы | 1 |
| Айылдык кмептканалар | 11 |
| Балдардын музыкалык мектеби | 1 |
| Филиалдары | 2 |
| Музей | 1 |
| Жалпы маданият кызматкерлери | 45 |
| Анын ичинен: “Маданияттын мыкты кызматкери” төш белгисинин ээлери | 6 |

Райондук маданият бөлүмүн“Маданияттын мыкты кызматкери” төш белгисинин ээси Төлөбаев Мусулманкул жетектеп келет.

Бакай - Ата райондук маданият үйүнүн негизги милдеттеринин жана максаттары - нын бири райондун аймагындагы эмгекчилер - дин эмгектен кийинки эс алуусуна толук шарт түзүп берүү жана маданиятты өнүктүрүү болуп саналат.
Бакай - Ата районунун аймагында жашаган элдердин жана кыргыз элинин маданий мурас - тарын сактоо, даңазалоо, жайылтуу, жетки - ликтүү деңгээлде уюштуруу.
Бакай - Ата районунун маданият үйүнүн көр - көм чыгармачылык тобу 2011 - жылдын жый - ынтыгы менен облуста байгелүү оорунду ээле - ген.
Бакай - Ата районунун маданият үйүнүн ал - дында өздүк көркөм чыгармачылыгынын төрт ийирими, сүйүчүлөр клубунун эки ийиримдери иштейт.
Бакай - Ата районунун маданият үйүндө “Маданияттын мыкты кызматкери” төш белгисинин ээси Изабеков Ж. маданият министирлигинин “Ардак грамоталарынын” ээлери Стамбаев Т., Тынысов Р., Давлетов М., Молдалиева Г. жана башкалар эмгектенет.
Бакай - Ата районунун маданият үйүн Дүйшөнова Гүлсаада жетектеп келет.



Бакай - Ата райондук борборлоштурулган китепканасынын максаты:
китепканалардан пайдалануучуларга чектел - беген маалыматтар жана жаңы билимдердин маалыматтары менен камсыз кылуу.
Китепканалардан төмөнкү кызматтар көрсөтүлөт:
- китеп сактоо фондусунан китеп берүү;
- окуу залынын фондусунан китеп берүү;
- китептерди жана гезиттерди үйлөрүнө же иштеген жерине жеткирүү;
- библиографиялык маалыматтарды берүү;
- китеп көргөзмөсү аркылуу китептерди жайылтуу;
- конференцияларды, кечелерди, тегерек столдорду, бет ачар аземдерди жана семинар талкууларды уюштуруу;
- айыл өкмөттүн ар кандай иш - чараларына катышуу.

Райондук китепкананын өздүк фонду 121696 китепти түзөт.
Райондук китепканада “Маданияттын мыкты кызматкери” төш белгисинин ээлери, эмгек ветерандары Куланбаева Ш., Барпибаева Б. жана маданият министирлигинин “Ардак грамоталарынын” ээлери Батырбекова Н., Жунусова А., Эралиева Г. жана башкалар эмгектенет.
Райондук борборлоштурулган китепкананы “Маданияттын мыкты кызматкери” төш белгисинин ээси Сапаралиева Тоту жетектеп келүүдө.



*Бакай - Ата райондук балдар музыкалык мектебинде фортепиано, улуттук аспаптар, комуз, ооз комуз, хореография класстары жаш балдардын музыкага болгон шык - жөндөмдүү - лүгүн арттырууда иш алып барат.*
*Балдар музыкалык мектебинде 74 бала музыка - лык билим алышып, аларды маданият министирлигинин "Ардак грамоталарынын" ээлери Смаилова Г., Масалбеков Ж., Дөөлөтова Ж., Ашыралиев У. балдарга музыкадан билим беришет.*
*2011 - 2012 окуу жылында музыкалык мектеп - тин бүтүрүүчүлөрүнөн төрт окуучу Республи - калык жогорку музыкалык окуу жайына жана Куренкеев атындагы музыкалык окуу жайынан билим алышууда.*
*Балдар музыкалык мектебинин мугалимдер жана окуучулар жамааты Республикалык жана областык кароо сынактарга активдүү каты - шып, байгелүү орундарды ээлеп келүүдө.*
*Бакай - Ата райондук балдардын музыкалык мектебин "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгисинин ээси Темиркулов Асылбек жетектеп келүүдө.*



*Теодор Герхардович Герцендин атындагы көркөм музейи 1962 - жылы "Красная заря" колхозунун базасында негизделген.*
*1980 - жылдын 1 - февралында Кыргыз ССРнин Маданият министирлигинин коллегиясынын № 1/ 17 токтомунун негизинде "Элдик көркөм сүрөт музейи" деген наам берилген.*
*Т. Г. Герцен атындагы сүрөт музейинде миңден ашуун көргөзмөлөр коюлган.*
*Музей имаратында "Манас", Тарыхый маданий мурастарды сактоо Т. Г. Герцен жана башка бөлмөлөрү иштейт.*
*Көркөм өнөр сүрөт музейи Республикалык, облустук маанидеги сүрөт көргөзмөлөрүнө активдүү катышып келүүдө.*
*Тарыхый жана маданий мурастарды элге жайылтууда музей кызматкерлери облуст айамагындагы мектеп окуучуларын атайын түзүлгөн графиктин негизинде музейде экскурсиялык көргөзмөлөрдү уюштуруп турушат.*
*Т. Г. Герцен атындагы көркөм сүрөт музейинде маданият министирлигинин "Ардак грамотасынын" ээлери Конгайтиев Алмаз жана Музейдин директору Дүйшенов Мүзүрбек кызмат кылууда.*



**Кыргыз Республикасы**
**Маданият маалымат жана туризм министирлиги**
**Бакай - Ата райондук маданият бөлүмү**



***Бакай - Ата айылы***
***2013 жыл***

# “Тарыхый-маданий мурастарды сактоодо жана өнүктүрүүдө мамлекеттик органдар менен маданий мекемелердин биргелешкен ишмердүүлүгү” аттуу Республикалык семинар-кеңешмеси

**Талас облусу**
**2013-жыл, 24-25-Кулжа айы**

**Талас шаары** - Талас областынын административдик борбору. Калкынын саны - 40500 адам (2003ж). Деңиз деңгээлинен 1280м. бийиктикте жайгашкан. 1877-жылы негизделген. Алгачкы аталыштары Акчий, Дмитриевка. 1944-жылы Талас шаары деген статуска ээ болгон.

## Талас шаардык маданият, маалымат жана туризм бөлүмү

Бөлүмдүн негизги максаттарынын жана милдеттеринин бири Талас шаарынын аймагындагы маданиятты өнүктүрүү багытында иш алып баруу болуп саналат. Талас шаарында жашаган элдердин жана кыргыз элинин маданий мурастарын сактоо, даңазалоо, шаар тургундарынын арасында жайылтуу, жеткиликтүү деңгээлде уюштуруу.

2007-2009-жылдардын жыйынтыгы менен Талас шаардык маданият, маалымат жана туризм бөлүмү республика боюнча мыкты маданият бөлүмү болуп аталган.

Маданият бөлүмүндө 10 адам, ал эми А.Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектебинде 34 кызматкер эмгектенет. Алардын ичинен Кыргыз Республикасынын «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси менен бөлүм башчысы Абдыкадыров Бахтияр Ибрагимович, кызматкерлер: Жусупова Субайда Темирбековна, Кыштообаев Нуржан Буракбаевич, Дуйшеналиева Азиза Тойчубековна, Эсенбекова Айсалкын Болотбековна, Осмонкулов Уланбек Орошбекович жана А.Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектебинин директору Байгабылова Айна Талантбековна, алдыңкы мугалимдер: Эл агартуунун отличниги Бейшеналиева Жылдыз Эшенкуловна, Албарсова Гүлбарчын Кайназаровна, Чыныбаева Айбарчын Элемановна, Өмүркулов Тазабек Өмүркулович,Абдраимов Абдыкадыр Абдраимович сыйланган.

Бөлүм 1996-жылы негизделген. Талас шаардык маданият бөлүмүн алгач У.Эсенаманов,К.Бекназаровдор жетектеп баштаган.

1998-жылдан азыркы мезгилге чейин бөлүмдү КРнын маданияттын мыкты кызматкери, мамлекеттик кызматтын III класстагы кеңешчиси Абдыкадыров Бахтияр Ибрагимович жетектеп келет.

Бөлүмдүн башчысынын орун басары, КРнын маданияттын мыкты кызматкери, мамлекеттик кызматтын II класстагы инспектору Кыштообаев Нуржан Буракбаевич.

Талас шаардык маданият, маалымат жана туризм бөлүмүнүн структуралык бөлүмдөрүнөн:

- Атай Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектеби болуп саналат. 2010-жылдын жыйынтыгы менен Республика боюнча мыкты музыкалык мектеп болуп аталган. Мектептин директору, КРнын маданияттын мыкты кызматкери, Эл агартуунун отличниги Байгабылова Айна Талантбековна.
  Мектепте фортепиано, улуттук аспаптар - комуз, ооз комуз, чопо чоор, хореография класстары иш алып барат.
- Талас көркөм-сүрөт музейи. Музейдин директору КРнын сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү Нуралиев Марат Темиркулович.

Талас шаардык маданият, маалымат жана туризм бөлүмү тарабынан 2010-жылы 109, 2011-жылы 188, 2012-жылы 205 жана 2013-жылдын июнь айына чейин 49 маданий иш-чаралар уюштурулуп өткөрүлгөн.

*Кыргыз Республикасы,*
*Талас областы, Талас шаары,*
*Бердике Баатыр көчөсү, 295,*
*тел: 03422 53803, e-mail: Talaskultura@yandex.com*














***КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ МИНИСТРЛИГИ***

***Талас областы, Талас шаардык маданият, маалымат жана туризм бөлүмү***

# “Тарыхый-маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү боюнча органдар менен мекемелердин ишмердүүлүгү” аттуу республикалык семинар-кеңешме

## “Биздин бактыбыз – өз маданиятыбызга болгон кызматыбыз”

**Талас шаары**

**Кулжа айы – 2013ж.**





# МАНАС РАЙОНДУК

# МАДАНИЯТ БОЛУМУ

Покровка айылы
2013жыл

Манас райондук маданият болумун Айылчиев Ажыбек Жумакович жетектейт.

Манас райондук маданият тармагына караштуу 1 райондук маданият уйу, 5 айылдык клубтар, 1 райондук борборлоштурулган китепкана, 1 оспурумдор жана балдар китепканасы, 13 айылдык китепканалар, 1 райондук балдардын музыкалык мектеби, А.Усенбаев атындагы фольклордук этнографиялык музей иштеп жатат.

2013 – жылдын ичинде райондук мамлекеттик администрация тарабынан бекитилген иш пландын негизинде ар бир тармакта жыл бою иштоо учун корулуучу иш – чаралар белгиленген жана Министрлик тарабынан келген тапшырмаларга ылайык кошумча аткарууларга райондук маданият болумунон козомолго алынат.

Жыл башында маданият кызматкерлерине эмгек стажы боюнча сапаттык курам –тузулуп комиссия тарабынан бекитилип турат. Манас райондук маданият болумундо жалпысынан 48 адам иштейт. Анын ичинен Райондук маданият уйундо 8 адам иштейт. А.Усенбаев атындагы фольклордук – этнографиялык музейде 7 адам иштейт. Райондук китепканада 8 адам иштейт.

Ал эми айылдык китепканаларда 13 кызматкер бар.Райондук музыкалык мектепте 11 адам иштейт.___Райондук маданият болумуно тиешелуу 6 адис иш алып барат.

Райондун аймагында искусство институтун аяктаган атайын адистер жок болсо да, жогорку билимдуу 2 адис, атайын музыкалык окуу жайды 1 адис жана музыкага шыктуу, орто билимдуу 3 адис иштоодо.




Манас райондук борборлоштурулган китепкана тармагын Базаркулова Чынара Темиркуловна жетектейт.

Манас райондук БКТсы 1971 – жылы уюштурулган. Манас райондук борборлоштурулган китепкана тармагына караштуу 13 айылдык, 1 балдар,1 борбордук китепкана иштейт. Жалпысынан айылдык жана райондук китепканаларда 21 кызматкер эмгектенишет. Анын ичинен 3 жогорку билимдуу, 17 атайын орто билимдуу жана 1 орто билимдуу кызматкерлери эмгектенуудо.

Жалпы китепканалар боюнча: 105826 нуска китеп фондусу бар. Анын ичинде: 41516 нуска китеп кыргыз тилинде: 64310 нуска китеп, орус тилинде.

2012 – жылдын жылдык корсоткучу :

Окурмандардын саны: – 11988

Окурмандардын келип кетуусу: – 93727

Китептин берилиши: – 343251

Андан тышкары 7 аталыштагы газета – журналдар тейлоо жана балдар болумундо тиркелип, окурмандар пайдаланууда.



*Коомдук –саясий ишмердиги:*

1921 – 24ж.ж. ЧЭКУнун студентиболгон кезде каникул учурунда коомчулук менен агартуу –пропагандалык иш жүргүзгөн; Москва, Олуя-Ата, Бухара, ж.б.

1925ж - ККАО (Кара кыргыз автономиялык облус) Советтеринин I Учредителдик съездинде редакциялык Комиссиясынын мүчөсү болуп иштеген. Ошондой эле съездде облисполкомдун мүчөлүгүнө кандидат болуп шайланган.

1926ж. – КАОну (Кыргыз Автономиялык облусун) Кырг.АССРге ( Кыргыз Автономиялык советтик социалисттик республикага) айландыруу боюнча Комиссия мүчөсү болуп иштейт. Ал Комиссиянын максаты - КАОну КА ССРге айландыруу зарылдыгын далилдеп, Декларация, Конституциялардын долбоорун иштеп чыгуу эле.

1926ж. – Облисполкомго мүчө болуп шайланат.

1927ж. – Кырг. АССРдин I съездинде Тыныстанов, Абдрахмановдор менен бирге жаңы кыргыз алфавитин түзүү боюнча мыйзамдын долбоорун иштеп чыгуучу Комиссиянын мүчөсү болот да калктын сабаттулугун көтөрүү маселелеринин үстүнөн активдүү иштейт.

1927ж. - Борбордук жер комиссиясынын мүчөсү болуп шайланат жана Жалал-Абад облусунда жер-суу реформасын ийгиликтүү иш жүзүнө ашыруунун үстүндө иштейт.

1929ж. – Кырг. АССРдин Конституциясын иштеп чыгып, аны бекитүүгө арналган Кырг. АССР Советтеринин II съездинде түзүлгөн Комиссиянын курамында иштейт.

II съездде Конституция бекитилип, Төрөкул Айтматов БАКтин(Борбордук Аткаруу Комитети) Президиумунун мүчөсү болуп шайланат жана анын курамында 1937 - жылдын октябрына чейин иштейт.

**1957 – жылдын 15 – июнунда Төрөкул Айтматов реабилитация болуп, күнөөсү жок деп акталат.**

***Заман өзгөрүп, адилеттүүлүк орноп, чындык жеңди:***

1 Шекер айылындагы мектепке Т.Айтматовдун ысмы берилди;

2. Шекер айылында анын айкели орнотулду;

3. Бишкек шаарынын көчөлөрүнүн бирине Т.Айтматовдун ысмы берилди

4. Араван районунун Ачы айылынын мектеби Т.Айтматовдун ысмын алып жүрөт.



# Төрөкул Айтматов

(1903 - 1938)

Кыргыз элинин көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук – саясий ишмери

Жусуп Абдрахманов менен Т.Айтматовдун аңгемелешүүсүнөн[1]

*"... 2.V.31. ... Чоң кызматтан, Совнаркомдун Председателдигинен деле кетип калыш опоңой, бирок милдеттен кете албайсың. Тилекке каршы, Кыргызстанды башкаргандардын арасында эл тагдырын ойлобой, өз кызмат орундарынын гана кызыкчылыгы менен алектенген чиновниктер бар. Аларды жек көрүүгө болот жана жек көрүш керек, бирок өз өлкөңдү, өз элиңди жек көрүүгө болбойт, ал мүмкүн эмес..."* Т.Айтматов

[1] Ж.Абдырахманов: "Дневник", Бишкек, 1991

XX – кылымдын 20 – 30 жылдарында совет бийлигинин учурунда жетекчиликке жаңы келген, кыргыз элинин чыгаан уулдарынын бири Төрөкул Айтматов эле.
Ал 1903 жылы Талас өрөнүнүн азыркы Кара – Буура районунун Шекер айылында туулган. Т.Айтматов жана анын замандаштары (биздин аталарыбыздын мууну) кыргызга көп жакшы иш жасаганга үлгүрүштү: калкка илим, билим берүү системасынын , руханий маданиятынын, айыл-чарба менен өнөр жайынын өсүп өнүгүшүнө жана, эң негизгиси-СССРдин алкагында, кыргыздын улуттук мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына чоң салым киргизишкен. Биз азыр сыймыктанып жашап жаткан суверендүү өлкөбүздүн пайдубалын тургузган ошол аталарыбыздын мууну эле...

Төрөкул Айтматов 17 жашында эле (1920 ж.) жергиликтүү жаштар, батрактар менен иш жүргүзүүгө аралашат. Андан кийин ал Ташкенден, Москвадан окуп билим деңгээлин көтөрүп, иш тажрыйбасын ашырып, олуттуу иштерди аткарууга даяр болгондон кийин адегенде ВКП(б) Кыробкомунун үгүт – насыят бөлүмүн, андан соң Каракол – Нарын, Жалал-Абад кантондорун, Ош округун, Араван – Буура районун жетектеп, кийинчерээк бир эле учурда Кыргыз АССРнын өнөр жай жана соода эл комиссары, Кыргыз АССРнын Эл чарбасынын Борбордук Советинин төрагасы, акыр аягында ВКП(б) Кыргыз обкомунун экинчи катчысы сыяктуу жогорку жооптуу кызматтарда иштеген. Андан кийин ал билим деңгээлин дагы өрчүтөм деп Москвадагы Кызыл профессура институтуна кирип окуйт. Ал сталиндик репрессиянын күчөп турган учуру эле. Кыргызстандан келген сураныч боюнча 1937 - жылдын 1 - декабрында Т.Айтматов камакка алынып Кыргызстанга айдалат.

1938 – жылдын 5 – ноябрында СССРдин Жогорку Сотунун аскер коллегисынын көчмө сессиясында Т.Айтматов Кыргызстандын эл чарбасына “зыян келтирген” деп айыпталып, өлүм жазасына кесилет. Өкүм ошол эле күнү 5 – ноябрда иш жүзүнө ашырылат.

1938 - жылдын 8- ноябрында атылган 137 адамдын , анын ичинде Т.Айтматовдун сөөгү Чоң-Ташта жашыруун көмүлгөн. Ал жер 54 жылдан (1991ж.) кийин гана ачылып, азыр “Ата-Бейит” деп аталат.

**Төрөкул Айтматовдун өмүр жолу**
**(1903-1938 ж.ж.)**

***Билим алуусу:***

1911-13жж. - Мусулман мектебинен окуп билим алат, Шекер айылы

1915-20жж.- Орус-тузем, бирдиктүү эмгек, реалдык бирдиктүү мектептеринен окуйт, Олуя-Ата ш.

1921ж - Советтик-партиялык мектептен окуп билимин өркүндөтөт, Ташкент ш.

1921 -24жж. - Чыгыш элдеринин Коммунисттик Университетин (ЧЭКУ) окуп бүтүрөт, Москва ш.

1925ж - Советтик- партиялык мектепте окуйт, Москва ш.

1935 - ЦК ВКП(б )нын Марксизм-Ленинизм курстарында билим алат, Москва ш.

1936 – 1937жж. - Кызыл профессура институтунда окуйт, Москва ш..

**Эмгек жолу:**

1913 – 15 жж. - Темир жол курууда жумушчу, Талас облусу, Маймак

1920 -21 жж. - Күркүрөө ВРКтин (волосттук революциялык комитет) катчысы жана Грозный кыштагынын батрактар уюмунун катчысы, Грозный кыштагы;

1924 -25жж. - Кыргыз обкомунун АПО (Үгүт-насыят бөлүмү), Фрунзе ш.;

1925-27жж.- Каракол-Нарын кантондук (областтык) комитетинин жооптуу катчысы, Каракол ш.;

1927 - 29жж. - Жалал-Абад канткомунун жооптуу катчысы жана Жер-суу реформасын жүргүзүү боюнча Комиссиянын Председатели, Жалал-Абад ш.;

1929ж - Өнөр жай жана соода министри, Фрунзе ш.;

1929 – 31жж.- Эл чарбасынын борбордук Кеңешинин төрагасы, Фрунзе ш.;

1931 – 34 жж - Араван – Буура райкомунун катчысы, Ош ш.;

1934- 35жж. - ВКП(б )нын Кыргыз Обкомунун II катчысы, Фрунзе ш.;

## Талас шаардык А. Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектеби

*1963-жылы ачылган. Алгачкы музыкалык мектептин директору Прокошева Н.Ф болгон.*

*Талас шаардык музыкалык мектебине 1991-жылы залкар комузчу Кыргыз Республикасынын Эл артисти Атай Огомбаевдин ысымы берилген.*

*Талас шаардык балдар музыкалык мектебин 2007-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун отличниги, «Маданияттын мыкты кызматкери» Байгабылова Айна Талантбековна жетектеп келет.*

*Балдар музыкалык мектебине быйыл 50 жыл болот. 50-жылдын ичинде таланттуу балдар музыкалык билим алып чыгышты. Балдар музыкалык мектебинин эң башкы олуттуу максаты таланттууларды тарбиялоо, дүйнө элдеринин классикалык музыкасын, кыргыздын нукура күүлөрүн, чыгармаларын үйрөтүү, таанытуу жана ички дүйнөсү бай инсан болуп өсүшүнө көмөк көрсөтүү.*

*Мектепте 14 мугалим эмгектенет. Кыргыз Республикасынын Эл агартуунун отличниктери жана «Маданияттын мыкты кызматкери» окуу бөлүмунун башчысы Бейшеналиева Ж. Э., комуз бөлүмүнүн мугалими Омуркулов Т.О. Ошондой эле «Маданияттын мыкты кызматкери» Абдраимов А.А,Адиев Ж.К, Чыныбева А.Э.*

*Ал эми Жакыбалиева Г.С. Мураталиева Л.Ж. Тууганбаев А.Т. окуучулардын жүрөгүнө жол таба билген демилгечил, изденген жана жаш таланттарды тарбиялаган мугалимдерден болуп саналышат. Талас шаардык А.Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектебинде 250 окуучу төмөнкү бөлүмдөрдө билим алышат*

1. *Фортепиано бөлүмү.*
2. *Комуз бөлүмү.*
3. *Ооз комуз бөлүмү.*
4. *Чопо чоор бөлүмү.*
5. *Теория бөлүмү.*
6. *Хореография бөлүмү.*
7. *Манас классы*
8. *Вокал бөлүмү.*
9. *Комузчулар ансамбли*
10. *Ооз комузчулар ансамбли*
11. *«Кыялкеч» бий ансамбли.*

### Балдар музыкалык мектебинин акыркы жылдардагы жетишкен ийгиликтери:

*1983-жылы Республикалык музыкалык мектептер арасындагы кароо-сынакта «Бермет» комузчулар ансамбли I орунду ээлеген .*

*1984-жылы Республикалык кароо-сынакта орус элдик оркестри II орунду ээлеген.*

*1989-жылы комузчулар дуэти Финляндияда өткөн кароо-сынакта лауреат болгон.*

*1990 жылы Республикада өтүлгөн теориялык олимпиадада мектептин окуучусу I орунду жеңип алган.*

*1997-жылы «Пери» бийчилер ансамбли «Сорос-фонду» тарабынан уюштурулган фестивалда I даражадагы диплом менен сыйланган.*

*1998-жылы республикалык «Грация-1998» кароо-сынагында «Пери» бийчилер ансамбли I орунду жеңип алган.*

*1998-жылы «Пери» бийчилер ансамбли Турцияда өтүлгөн эл аралык фестивалда лауреат болушкан.*

*1999-жылы Республикада өтүлгөн «Жаш таланттар» конкурсунда «Бермет» комузчулар ансамбли I орунду жеңип алышкан.*

*2001-жылы Ош шаарында өтүлгөн «Жаш таланттар Эл аралык фестивалында «Пери» бийчилер ансамбли I орунду жеңип алган.*

*2006-жылы Республикада өтүлгөн «Жаңы жылдыздар» конкурсунда «Кыялкеч» ансамбли II даражадагы дипломго татыктуу болушкан.*

*2006-жылы Эл аралык «Баян жана аккардион ойнойт» фестивалында музыкалык мектептин окуучусу Кыргыз Республикасынын маданият министринин диплому менен сыйланган.*

*2007-жылы музыкалык мектеп Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министринин «Жылдын мыкты окуу жайы» диплому менен сыйланган.*

*2010-жылы «Кыялкеч» бийчилер ансамбли Турцияда өтүлгөн Эл аралык фестивалда диплом менен сыйланган.*

*2010-жылы Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министринин «2009-2010 окуу жылындагы жетишкен ийгиликтери үчүн» диплом менен сыйланган.*

*2012-жылы «Үй-бүлө тынчтык, ынтымак, жана өз ара кечиримдүүлүк жылына» карата Нарын областында өтүлгөн «Жаш таланттар 2012» кароо-сынагында музыкалык мектеп 4 номинация боюнча дипломго ээ болушкан.*

*2013-жылы 1-июнь "Балдарды коргоо" кунунө карата Бишкек шаарында өтүлгөн «Барчын» биринчи Республикалык балдар фестивалында музыкалык мектеп вокал жана бий номинациясы боюнча II даражадагы дипломго татыктуу болду.*



**«Атай» комузчулар ансамбли**



**«Кыялкеч» бийчилер ансамбли**



**«Кыялкеч» ансамбли Турцияда 2010-ж.**




**Хор классы**



**Чопо чоор классы**

**Бизин дарек:**
*Кыргыз Республикасы*
*Талас областы*
*Талас шаары*
*Бердике Баатыр көчөсү 295*
*Тел. (996)-3422-53159*
*Моб. (996)-0777848625*

**Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлиги**

# Талас шаардык А.Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектеби






**Талас шаары**
**2013 – жыл.**

Кара-Буура районунун аймагында
1 кинотеатр,9 клуб,3 маданият үйү,
райондук борборлоштурулган китепкана,
балдар китепканасы,балдар музыкалык мектеби,
14 айылдык китепкана, жана 2 музей бар.
Жалпысынан 56 кызматкер эмгектенет.
12 кызматкер "Маданияттын мыкты кызматкери"
төш белгисинин ээси.

Райондук маданият бөлүмүн
Боронбаев Назарбек Исакович 2008-жылдан бери
жетектейт.

Райондук борборлоштурулган китепкананын директору
Турдумамбетова Таалайгүл Камчыбековна
жетектеген китепканаларда 24 кызматкер эмгектенет.
Район боюнча жалпы китеп фондусу 210529
нусканы түзөт,анын ичинен борбордук китепканада
61732 нуска китеп,балдар китепканасында
21827 нуска китеп,айылдык китепканаларда
126970 нуска китеп бар.

Борбордук китепканада "Дүйнөлүк адабияттын
чолпон жылдызы" Ч.Айтматовдун 85жылдыгына
карата иш-чара.

"Шекер элдик театры" 1984-ж. ноябрь айында
Республикалык драма ийримдеринин
кароо-сынагында 1-орунду жеңип алып, "Элдик театр"
наамына ээ болушкан.
Учурда үзгүлтүксүз иштеп келе жатат.










Мемориалдык музейдин имараты Ч.Түлөбердиевдин
классташы,жолдошу Улуу Ата Мекендик согуштун
катышуучусу,СССР жана Кыргыз ССР эл
агартуусунун отличниги Шыйкымбаев Ашымбектин
чоң демилге-жетекчилиги менен Кыргызстан
комсомолдорунун каражатына тургузулуп,
1982-жылы 9-майда Жеңиш майрамы күнү
салтанаттуу түрдө ачылган.

Ч.Айтматовдун алгач ирет маданият үйүндө чакан
бурч болуп уюштурулуп,кийин музей болуп ачууга
түрткү болгон.1988-жылы жазуучунун 60 жылдыгына
карата музей болуп кайра түзүлгөн.

"Ачык асман астындагы музей" Шекер айылынын үстү
жагында өзүнчө тектирчеден орун алган.
Белгилүү скульптор Т.Садыков 1990-жылы өзүнүн
шакирттери менен жазуучунун чыгармаларындагы
каармандарынын 17 айкелин тургузушкан.
Учурда ушул жайды "Чыңгыз Ордо" комплексине
айлантуу боюнча иштер жүрүп жатат.

"Аянба журтум Чыңгыздан,жарашат-
алтындан айкел тургузсаң!"
деген чакырык астында районубуздун атуулдарына
кайрылуу болуп, өзгөчө Сыргак Асанбековдун салымы
айкелдин бараандуу бөлүгүн түздү.
Айкел автору скульптор Азамат Абдракмановдун
колунан жасалып,райондун борбору
Кызыл-Адыр айылына орнотулуп,2012-жылдын
25-августунда салтанаттуу ачылышы болгон.

**Дареги:Кара-Буура району Кызыл-Адыр айылы
Ч.Айтматов көч.№10 фак:0345626469
Маданият бөлүмү**



манбаев айылдык маданият үйүндө
"ЫР-КЕСЕ" сынагы



"Ачык асман астындагы музей"



Балдар китепканасынын
"Жомоктор дүйнөсүндө" болмосу



Шекер айылы-МАНАС АТА,
ЧЫҢГЫЗ АТА чокулары.



Борбордук китепкана




КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ,
МААЛЫМАТ ЖАНА ТУРИЗМ МИНИСТРЛИГИ

*Талас областы,Кара-Буура райондук
маданият, бөлүмү
"Тарыхый-маданий мурастарды сактоодо
жана өнүктүрүүдө мамлекеттик органдар
менен маданий мекемелердин биргелешкен
ишмердүүлүгү"аттуу республикалык семинар*



*Арбынын алып батаның,
Ааламга чачкан атагын.
Айланган Чолпон жылдызга,
Аймагы-Чыңгыз Атанын.*

Кызыл-Адыр айылы
Кулжа айы-2013-ж.



К.Медетбеков атындагы Талас облустук музыкалык-драма театрынын ачылышына белгилүү инсандар демилге көтөрүшкөн, бирок ошолордун башкы демилгечиси болуп бул проекти ишке ашырууга опол тоодой салымын кошкон Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, КР Эл жазуучусу Султан Акимович Раев болду.

**К. Медетбеков атындагы Талас облустук музыкалык-драма театрынын директору КР маданиятына эмгек сиңирген ишмери:** **К. Эстебесов**

**Башкы режиссёру:** **И. Жунусов**

**Башкы сүрөтчүсү:** **М. Бутешов**



И.Содиков

# Апендинин беш катыны

Режиссер коюучу-И.Жунусов
Сүрөтчү коюучу-М.Бутешов
Костюмдар боюнча сүрөтчү-М.Аблакова
Бийлерин койгон-Г.Шабданова
Спектаклдин продюссери-
КР маданиятына эмгек синирген ишмер
К.А, Эстебесов

РОЛДОРДО;

1. Апенди-арт. А.Бекботоев
2. Молдо- арт. Т. Олжобаев
3. Бейиш- арт. Н.Эржанов
4. Кырчаңгы- арт. А. Байтелиева
5. Зубайда – арт. М. Касаболотова
6. Фатима—арт. А. Алсеитова
7. Тотукуш- арт. У.Наматова
8. Уурулар-арт. Ч.Мирланов
   А.Дилдебеков
   М. Шатманов



**Кыргыз республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрлиги**



**К. Медетбеков атындагы**

**Талас облустук музыкалык-драма**

# ТЕАТРЫ

**Талас-2013**



# Капар Медетбеков атындагы Талас облустук музыкалык-драма ТЕАТРЫ

**-К.Медетбеков** атындагы Талас облустук музыкалык-драма театры Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жыл 28.03 № 108 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Маданият жана Маалымат министирлигинин буйругуна ылайык ачылган.

**-К.Медетбеков** атындагы Талас облустук музыкалык-драма театры 2008-жылы 4-ноябрдан 6-ноябрга чейин А.Огомбаев атындагы музыкалык мектепте Ч.Айтматовдун **"Ак кеме"** повестинин негизинде коюлган **"Арыба, Ак кеме"**, Б.Жакиевдин **"Жүрөлүчү жүрөк оорутпай"**жана **"Мен кантип артист болдум"** аттуу театралдаштырылган спектакль-концерти менен Талас тарыхында биринчи жолу театралдык сезонун ачты.

-Театр ачылгандан бери театрдын сахнасында төмөнкү спектаклдер коюлду:

Ч.Айтматов "Арыба, ак кеме"
Сценарий- А. Текешов
Режиссёр-Э. Бекболиев

Б.Жакиев "Жүрөлүчү жүрөк оорутпай"
Режиссёр-А. Абдыкалыков

В.Сологуб "Назик жүрөк азабы"
Режиссёр-С. Сазаев

Ч.Айтматов "Үмүттүн турналары"
Сценарий- К. Мендибаиров
Режиссёр –Ш. Мендибаиров

Т.Мухамадризо "Периштенин махабаты"
Режиссёр-И. Жунусов

Б.Калчабаева "Телибай тентек"
Режиссёр-И. Жунусов

В.Якуб "Коркок жоокер"
Режиссёр-И. Жунусов

М.Варфоломеев "Алтын апельсин"
Режиссёр-И. Жунусов

Н.Исламов "Сыйкырдуу данек"
Режиссёр-Э.Казакбаев

К. Ажимудинов "Чокчолой баатыр"
Режиссёр-М.Касаболотова

И. Содиков "Апендинин беш катыны"
Режиссёр- И. Жунусов

**-К.Медетбеков** атындагы Талас облустук музыкалык-драма театры 2009-жылы Ысык-Көл облусунун Кара-Кол шаарында өткөрүлгөн Республикалык профессионалдык театрлардын III-чү, 2010-жылы Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарында өткөрүлгөн IV-чү Республикалык, 2011-жылы Таджикистан Республикасынын Душанбе шаарында өткөрүлгөн **"Навруз-2011"** Эл аралык театралдык фестивалдарынын катышуучусу жана аталган фестивалдарынын дипломанты болуп эсептелинет

-Театрдын жакшы саамалыгы "ар бир сезонго жаңы спектакль" деген тилектин астында.
Бул тилек жыл сайын ишке ашып келет.

-К.Медетбеков атындагы театрдын жамааты облустук-республикалык маанидеги өткөрүлгөн маданий иш-чаралардын активдүү катышуучусу. Алардын айрымдары:



► **"Бүргө баатырдын 250 жылдык"** маарекесине 10.10.2008-жыл
►Ч.Айтматовдун Шекер айылындагы Республикалык маанидеги эскерүү кечеси 12.12.2009-жыл
►А.Огомбаевдин 110 жылдык жана М.Күрөнкеевдин 150 жылдык маарекелерине арналган облустук **"Тогуз-Кайрык"** фестивалы. 2010-жыл
►Эл аралык аялдар күнүнө арналган облустук маданий иш-чара 06.03.2009-жыл
►Кыргыз Республикасынын эгемендигинин 20 жылдыгына, Курманжан датка энебиздин 200 жылдыгына арналган 31.08.2011-жыл, ж.б. облустук маанидеги иш-чараларды атасак болот.

Театрдын артистери үчүн Көк-Ой айылында Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги тарабынан бөлүнгөн 1460 000сом акча каражатына атайын жатакана капиталдык ремонттон өткөрүлгөн. Жатакана ичинде душ, ысык-муздак суусу, репетициялык зал, башкы режиссёрдун кабинети, китепкана жайгашылган.

Театрга 2011-жылы Кыргыз театр корифейлеринин бири СССРдин эл артисти, М. Рыскулов атындагы Республикалык сыйлыктын лауреаты, "Манас" орденинин ээси К. Медетбековдун аты ыйгарылган.

Театр үчүн 208 000 000 сомдук сметалык-наркы менен атайын театрдын имараты курулууда.

Быйылкы жылга театрдын репертуарында И. Содиковдун "Апендинин беш катыны", Т. Мухамадризонун "Периштенин махабаты", Ниязи Хамза Хакимзаденин "Паранжанын сырлары" спектаклдери түзөт.














**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ ЖАНА**
**ТУРИЗМ МИНИСТРЛИГИ**

---

# “Тарыхый-маданий мурастарды сактоодо жана өнүктүрүүдө мамлекеттик органдар менен маданий мекемелердин биргелешкен ишмердүүлүгү” аттуу Республикалык семинар-кеңешме

**Талас облусу**

**Талас району**

**2013-жыл, 24-26 июнь**

**24-ИЮНЬ – БИРИНЧИ КҮН (дүйшөмбү)**

**09.00** - Бишкек шаарынан Талас шаарына сапар алуу. (Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин жана Ысык-Көл, Нарын, Чүй облустарынын маданият кызматкерлери) КРнын маданият, маалымат жана туризм министрлиги
**14.00-14.20** - Таласка кетүүчү "Өтмөк" ашуусунан республикалык семинар-кеңешменин катышуучуларын тосуп алуу - Талас району
**14.20-16.20** - Талас шаарына келүү - Талас шаары
**16.20-17.30** - Түштөн кийинки тамактануу ("Алмаз" кафеси ) - Талас шаары
**17.30-18.00** - Кыргыз-түрк Себат лицейинде жана "Талант" мейманканасында жайгашуу - Талас шаары
**18.00-18.30** - А.Огонбаев атындагы Балдар музыкалык мектебинде Ч.Айтматовдун 85 жылдык мааракесине арналган сүрөт көргөзмөсүн көрүү жана музыкалык мектептин ачык сабагына катышуу - Талас шаары
**18.30- 20.00** - К.Медетбеков атындагы Талас облустук музыкалык драма театрынын спектаклин көрүү ("Апендинин беш катыны") - Талас шаары
**20.00-21.00** - "Алмаз" кафесинде кечки тамактануу - Талас шаары

**25-ИЮНЬ – ЭКИНЧИ КҮН (шейшемби)**

**08.00-09.00** - Эртең мененки тамактануу ("Алмаз" кафеси) - Талас шаары
**09.00-9.30** - А.Токтогулов атындагы облустук китепкананы көрүү - Талас шаары
**9.30-10.00** - Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексине жүрүш - Талас району
**10.00-10.10** - Республикалык семинардын катышуучуларын расмий тосуп алуу(облустук, райондук жетекчилердин катышуусунда) - Талас району
**10.10-12.00** - Айкөл Манас атанын эстелигине гүлчамбарларды коюу. Манасчылардын Манас айтуусу. Манас атанын күмбөзүнө куран окутуу. Экскурсия Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплекси
**12.00-13.00** - Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексинде жайгашкан түлөөканада түштөнүү Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплекси
**13.00-13.10** - Талас районунун Долоно айыл аймагынын "Таш-Арык" маданият үйүнө жүрүш - Талас району
**13.10-13.50** - Долоно айыл аймагынын "Таш-Арык" маданият үйүндө уюштурулган Талас облусунун элдик кол өнөрчүлүгүнүн көргөзмөсүн жана "Манас Ата" үгүт кербенинин программасын көрүү - Талас району
**13.50-14.30** - Бакай-Ата районунун Ак-Дөбө айыл өкмөтүндө жайгашкан Т.Герцен атындагы көркөм сүрөт музейине жүрүш - Бакай-Ата району
**14.30-14.50** - Бакай-Ата районунун Ак-Дөбө айыл өкмөтүндө жайгашкан Т.Герцен атындагы көркөм сүрөт музейин көрүү - Бакай-Ата району
**14.50-15.30** - Талас шаарындагы "Кырк Чоро" кинотеатрына келүү - Талас шаары
**15.30 - Пленардык жыйындын ачылышы.**
**(Модератор Кулуев К.К.,** КРнын маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары)
**15.30-15.35 - Курманалиева К.А.,** КРнын Өкмөтүнүн Талас облусундагы атайын жана толук ыйгарым укуктуу өкүлү
**15.35.-15.45 - Раев С.А.,** КРнын маданият, маалымат жана туризм министри
**15.45-16.00** - Сыйлоо жана Талас облусунун маданият мекемелерине компьютерлерди тапшыруу салтанаты
**16.00-16.05 - Жаркыналиева А.Ш.,** Талас р-ндук мамлекеттик администрациясынын башчысы – акимдин орун басары
**16.05-16.10 - Орозбаев М.С.,** Талас облусунун Кара-Буура районунун Аманбаев айылдык округунун башчысы
**16.10-16.15 - Солтонгелдиева С.,** ЮНЕСКО иштери боюнча КРындагы Улуттук комиссиянын эксперти
**16.15-16.20 - Исраилов Т.И.,** Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-ндук маданият бөлүмүнүн башчысы: **"Тарыхый-маданий мурастарды сактоо боюнча Токтогул р-ндук бөлүмүнүн жүргүзгөн иштери"**
**16.20-16.25 - "Манас"** фондунун өкүлү
**16.25-16.30 - Баетова П.М.,** Баткен облусунун Лейлек райондук маданият бөлүмүнүн башчысы: **"Маданий мекемелердин ишмердүүлүгүнүн инновациялык формасы"**
**16.30-16.35 - "Айтыш"** коомдук фондунун өкүлү
**16.35-16.40 - Асанов А.,** Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы: **"Клубдук ишмердүүлүктү уюштуруудагы жаңы багыттар"**
**16.40-16.45 - Шаменова А.А.,** "Бурана" мунарасынын Республикалык археологиялык- архитектуралык музей комплексинин директору: **"Райондогу материалдык эмес маданий мурастарды сактоо"**
**16.45-16.50 - Айылчиева А.,** Ош облустук эл чыгармачылык борборунун директору: **"Каада, салтты сактоо менен бирге жаңылануу"**
**16.50-16.55 - Чоюнбаев О. ,** Кыргыз Улуттук " Манас Ордо" комплексинин башкы директору: **"Манас Ордо комплексинин өнүгүүсүнүн проблемалары"**
**16.55-17.00 - Шайдылдаева З.К.,** Ысык-Көл облусунун Тоң райондук маданият бөлүмүнүн башчысы: **"Элдик оозеки чыгармачылыкты сактоо жана кеңири жайылтуу ишмердүүлүгү"**
**17.00-17.05 - Асаналиев Ж.,** Нарын облусунун Ат-Башы райондук маданият бөлүмүнүн башчысы: **"Тарыхый-маданий эстеликтерди коргоодо коомчулуктун салымы"**
**17.05-17.10 - Сапаралиева С.М.,** Бакай-Ата райондук китепканасынын директору: **"Тарыхый-маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү боюнча китепкананын ролу"**
**17.10-17.15 - Каримов Б.К.,** Ош облусунун Өзгөн райондук маданият бөлүмүнүн башчысы: **"Аймактагы маданиятты сактоо көйгөйлөрү"**
**17.15-17.20 - Смаилова С.,** Нарын облусунун Нарын райондук маданият бөлүмүнүн башчысы: **" Маданий мекемелердин ишмердүүлүгүнүн эффективдик формалары"**
**17.20-17.25 - Калматова К.К.,** Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы: **"Тарыхый-маданий эстеликтердин жергиликтүү тизмесин түзүү иштери"**
**17.25-17.30** - Пленардык жыйналыштын жыйынтыгы - Талас шаары
**17.30-19.00** - Кинотасма көрүү
**19.00-20.00** - Мейманканада эс алуу

**20.00-22.00** - Талас шаарынын "Канат-Ата" ресторанында семинар-кеңешменин катышуучуларына арналган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн атынан сый тамак - Талас шаары

**26-ИЮНЬ – ҮЧҮНЧҮ КҮН (шаршенби)**

**8.00-9.00** - Эртең мененки тамактануу ("Алмаз" кафеси)
**9.00** - Бишкек шаарына чыгуу

*Урматтуу* ______________________________

***Сизди элибиздин чыгаан инсаны Т.Айтматовдун 110 жылдыгына арналган "Т.Айтматов – мамлекеттик көрүнүктүү ишмер" аттуу эскерүү кечесине катышууга чакырабыз***

***Эскерүү кечеси***
***2013-жылдын 28-июнунда саат 9.00 до Талас облустук А.Токтогулов атындагы китепканасынын жыйындар залында башталат.***
***Катышуучуларды каттоо: 8.30-9.30***

## *Эскерүү кечесинин уюштуруучулары:*

- КР Өкмөтүнүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү;
- Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университети;
- Талас Мамлекеттик университети;
- Талас облусунун китепканасы;
- Кыргыз Республикасынын тарыхчылар ассоциациясы;
- Диалог Евразия платформасы.

## *Программасы:*

**9.30-9.40** Т.Айтматовдун өмүр жолуна арналган китептердин көргөзмөсүнө жана фотостендке баяндама. Библиограф Б.Дооронбекова

**9.40 -10.15** "Манас Ата" үгүт кербенинин "Улуттун улуу көчүн улагыла" программасы.

**10.15–10.20** Эскерүү кечесинин ачылышы. А.С.Ормушев – Махмуд Кашгари- Барскани атындагы Чыгыш университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору.

**10.20 -10.25** Т.Айтматов жөнүндө илимий-популярдуу фильмди көрсөтүү.

**10.25-10-30**. Курманалиева К.А.- КР Өкмөтүнүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү

**10-30-10.35** КР Маданият,маалымат жана туризм министри С.А.Раевдин куттуктоо сөзү.

## *Илимий баяндамалар*

**10.35-10.45** Беделбаев А., КР УИАнын Коомдук илимдер бөлүмүнүн окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин кандидаты " Мезгил жана инсан"

**10.45-10.55** Жусупова М. Талас Мамлекеттик университетинин доценти "Төрөкул Айтматовдун Кыргыз мамлекеттин куруудагы салымы."

**10.55-11.10** Айтматова Р. Коомдук ишмер. "Тарыхтын актай барактары."

**11.10-11.15** Борочоров Ж. Диалог Евразия платформасынын төрагасы."Жаштарды патриоттуулукка, толеранттулукка тарбиялоодо Төрөкул Айтматовдун ролу."

**11.15-11.30** Рыспаева З.А. Талас облусунун А.Токтогулов атындагы китепканасынын усулдук бөлүмүнүн башчысы "Мамлекеттик ишмер Төрөкул Айтматов -110 жашта"

**11.30-11.35** Карагулов Б. Кыргыз эл артисти " Ч.Айтматов жана кыргыз киносу".

**11.35-11.45** Т.Айтматовду эскерүү

**11.45-12.00** Эскерүү кечесинин жабылышы Төрөкул Айтматовдун туулган жери Шекер айылына жолго чыгуу.

**16.00** Шекер айылындагы Төрөкул Айтматов атындагы орто мектебинин окуучулары менен жолугушуу Мектептин китепканасына жаны китептерди белекке берүү.

**17.00** Шекер айылындагы Ч.Т.Айтматовдун жердештери менен жолугушуусу

***Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги***



# «Т.Айтматов – Мамлекеттик көрүнүктүү ишмер” аттуу эскерүү кечеси

***Талас шаары***

***2013-жыл***

Кыргыз Улуттук

# МАНАС ОРДО

комплекси







Кыргыз Улуттук Манас Ордо комплекси

# Куш келиңиздер, ыйык Манас Ордого!



Кыргыздар 2200 жыл илгери эле жер бетинде жашап келгендиги талашсыз. Академик В.В.Бартольд "Кыргыздар" деген эмгегинде "Кыргыздар Орто Азиянын байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да эл жок болуш керек" деп баса белгилейт. Бул ойлорунда Бартольд Кытай булактарына таянат.

Чындыгында Кытай булактары берген кабарларга караганда кыргыздар биздин заманга чейинки III кылымдын акырынан тартып 1-кылымдын орто ченинде Саян тоосунун түндүк тарабындагы Енисей дарыясынын өрөөнүндө жашаганы айтылат.

Элдин башын кошуп кыргыздарга кагандык кылууда, тарыхта аты белгилүү болуп калган Барсбек, Ынанчы Алп билге сыяктуу зор инсандар өз учурунда кыргыздардын улуу мамлекетин түптөшкөн. Бул мезгилде кыргыздар Алтайдан азыркы жашап жаткан жерибизге чейинки жерлерде жашагандыгы Кытайдын санжыра, тарыхтарында жазылып калган.

Мына ушул жерден тарых менен "Манас" эпосун салыштыра келсек, көп окшоштуктардын бар экенин байкайбыз. "Манас" эпосунда айтылгандай; "Кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым"-деп Манас атабыз элдин башын кошуп, биреөнүн көзүн каратпай, өз алдынча мамлекет түптөгөндүгү ооздон оозго өтүп ушул доорго жеткенин тарых далилдеп турат.

Таластагы Манастын күмбөзү- кыргыз элинин эзелтеден калган көөнөргүс ата мурасы. Айкөлдүн ордосу- Кыргыз Улуттук Манас Ордо комплекси- Кыргызстандын рухий биримдигинин жана көз карандысыздыгынын символу. Көркөмү көз жоосун алган бүгүнкү Манас Ордо Бириккен Улуттар Уюмунун колдоосунда 1995-жылы 25-29-августта Айкөлдүн ордосунда эл аралык деңгээлде өткөрүлгөн улуу дастаныбыздын миң жылдыгында түптөлгөн. Ошондон бери мамлекетибиздин түздөн түз камкордугунун жана зыяратка келип жаткан жалпы элдин көмөгүнүн астында өнүгүп келатат.

Урматтуу мейман, бул китепче Сизди мына ушул, элибиз эзелтеден ыйык санаган атамазарыбыз, касиеттүү Манас Ордо боюнча экскурсияга алып жөнөйт. Анда биз менен болуңуз!






Босого

# Ыйык жайдын босогосу




Улутубуздун ыйык жайынын астанасы кылкылдаган кыйсыпырлуу кылым кырларында элдин эркиндиги, жердин бүтүндүгү үчүн жүрүп турган кандуу кармаштарда кыргыздын эрендери, берендери башына кийген туулганын элесин берген башкы аркадан башталат. Кабатталган үч туулга үчилтиктин; “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” эпосторунун символикалуу берилиши. Элибиз басып өткөн тарыхын, санжырасын, дүйнө өмүргө болгон ой-жорумун, келечектен күткөн мүдөө максатын мына ушул үчилтиги баш болгон эпикалык чыгармаларында уламалап ооз эки айтып, укумунан тукумуна өткөрүп келген. “Манас” эпосу кыргыз генийинен жаралган адамзаттын эпикалык маданиятынын туу чокусу. “Манас” өзүнүн көлөмү жагынан индустардын “Махабхаратасынан” 2,5эсеге, фарс элинин “Шах Намесинен” 5эсеге, гректердин “Илиада” жана “Одиссея” эпосторун бирге кошкондогусунан 20эсеге чоңдук кылат.


Манас таануу борбору





Ыйык жайдын босогосунун кирүү-чыгуу жолдору элдик эзелки ырасым, жөрөлгөгө ылайык салынган. Босогонун тирөөчтөрүнүн оң-солунан айланта салынган жан жолдор кыргыздын ак өргөөсүнүн “эр жак” (сол жак) жана “эпчи жак” (он жак) ырасымын эске салат. Кыргыз элинде ак өргөөгө киргенде эркектер сол тарабына, аялдар оң тарабына отурушкан.

Андан ары жол уласаңыз, сол тарапта Кыргыз Улуттук Манас Ордо комплексинин административдик имараты жайгашкан.

Кийинки имарат “Манас таануу борбору” деп аталат. Анда элибиздин эпикалык чыгармаларынан, “Манас” эпосун изилдөөгө алган эмгектерден, улуттук жана дүйнөлүк адабий чыгармалардан турган китепкана жайгашкан.








Борбордо ЮНЕСКО колдоого алган кыргыз элдик ооз эки чыгармачылыгын өркүндөтүү долбо каржылаган жаш манасчылар мектеби иштейт. Мектептин катышуучулары манас айтуу өнөрүн үйрөнү Долбоордун ишин жүргүзүүдө белгилүү драматург Бексултан Жакиевдин эмгеги чоң.

“Кырк –Чоро” көпүрөсү кабылан Манастын кылкылдаган черүүсүн баштаган Кырк Чоросунун к найзасынын жана калканынын элесинде жасалган. Көпүрөнүн алдынан Манас Атабыз эли-жерин коргоого ж жоросу менен аттанганда далай ирет колун малып, жүзүн чайыган Кең-Кол суусу күрпүлдөп агып жатат.







Комплекстин кызматкерлери; улуттук кийим кийишкен сурайылдай суйкайган кыз-келиндер, чоролордой жигиттер өкмөттүк делегацияларды, расмий адамдарды, сыйлуу меймандарды, жамааты менен келген зыяратчыларды ушул көпүрөдөн нан, туз сунуп тосуп алышат.

Сол тарапта сөөрүдө "Манас" эпосунун миң жылдык улуу тоюнан калган таберик-он эки канат хан өргөө тигилип турат. Ал Таластын колунан көөрү төгүлгөн ондогон кол өнөрчүлөрдүн эмгегинен жаралган.





Манас Ата гүлбагы

Оң тарапта "Манас ата гүлбагы" жатат. Манас Ата ордосун гүлзардын борбору десек болот. Ал 2000 түптөн ашык түркүн түс розаларга чулганган. Гүлбакта бак-дарактардын 80ден ашык түрү өстүрүлөт.

Төрт гектар жерди ээлеген гүлбакта көркөм сөөрүчөдө отурушкан манасчылар меймандарга манас айтып беришет. Дастанчылар комузду күүгө салып, элдик дастандарды төгүшөт.



"Айкөл Манас" архитектурал
скульптуралык ансамли

# «Айкөл Манас» архитектуралык-скульптуралык ансамбли



Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен Жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын,
Толкунунан бүткөндөй.
Асмандагы Ай, Күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй,
Асты калың кара Жер,
Буга жердигинен түткөндөй.

Манасчылардын көкүрөктө, улуттук рух-жигерди ташытып, көөдөнгө канат байлаткан манасын уккандан кийин меймандар кызыл-тазыл брусчаткалар төшөлгөн дайрадай кенен жол менен "Айкөл Манас" архитектуралык-скульптуралык ансамблине бет алышат.

Ансамбль "Манас Ата" гүлзар багынын чок ортосунан орун алган. Ондо Бакай менен Каныкейдин, солдо Баяман менен Кошойдун заңкайган айкелдери. Андан ары чоң айланада биринен бири эр болгон, биринен бири шер болгон Кырк Чорнун айкелдери кетет тегерете.



Бакай Ата
Каныкей Апа



Кошой Ата
Баяман Ата



Алмамбет Ата, Тайчабар Ата
Мажик Ата





Айкелдердин жүзүнө, тулку-турпатына карап, эпосто качан болсун, кайда болсун Айкөлдү колдоп, коргоп жанында жүргөн, эли-жери үчүн өлүмдөн кайра тартпай “баш канжыгада, кан көөкөрдө” деп шилтеген жоосун өрттөй каптаган, ырчысы, чоорчусу, чечени, устасы, сыйкырчысы, төлгөчүсү, далычысы, из кубары- бардык өнөргө шайма-шай эрендерден турган кыраан баатыр Кырк Чорону акылың менен таанууга, сезүүгө туюуга болот.







Чок ортодо адамдык бүтүндөй асылзаада сапаттардын, эпсиз баатырдын ээси кыргыздын Айкөл Манасы аскар тоодой кайрат, ажыдаардай айбат менен атпай кыргыз элинин бейкуттугуна Алатоосунан көз салып турат. Эстеликтин жалпы бийиктиги 22метр 30 сантиметрди түзөт.

Жалпысынан 45 фигурадан турган, архикалык-дорикалык стилде жасалган мындай архитектуралык-скульптуралык ансамбль дүйнөнүн бир да жеринде кездешпейт. “Айкөл Манас” архитектуралык-скульптуралык ансамблинин авторлору; айкелчиси Б.Батырбаев, архитектору А.Солтобаев бул монументалдык чыгармачыл эмгектери үчүн Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы сыйлыгынын лауреаттыгына ээ болушкан.





Манас Атанын күмбөзү

# Манас Атанын күмбөзү - улуттук комплекстин жүрөгү



Зыяратка келген адамдар Манас Атанын касиетине таазим этип, табынып, улуу рухтарга багыштап куран түшүрүп, көкүрөктөрүндө багып жүргөн асыл мүдөө тилектерин Алла Тааладан кабыл болушун дил уютуп тилек кылышат. Жан дүйнөлөрүн акактай агартып, жан дүйнөлөрүн рух күчүнө ширетип, канат жигер байлашат. Теңир жалгап, Манас Атанын касиети даарып, тилек максаттар орундалышын тилешет.

Нечендеген кылымдардан бери кыргыз эли Манас Атанын ыйык күмбөзүнө табынып, зыярат жасап келишкен. Мындан ары да кылымдарды карытып ал таазимди жасай беришет. Анткени Манастын руху түбөлүктүү, Теңирдин кыргыз элине тартуу кылган чексиз табериги, ыйык жана баа жеткис руханий дөөлөтү. Кыргыз баласы төбөсү менен көктү тирегендей, буту менен жерди жирегендей күч кубаттуу абалга жетсе дагы Теңирдин мээри түшкөн касиеттүү Манас атанын ыйык рухуна ар дайым таазим этип, табынып туруусу жөндүү.







Өзгөчө Кыдыр даарыган, Теңирдин кудурети, рухтардын күчү менен манасчы болгон залкар инсандар тээ илгертен Манас Атанын күмбөзүнө келишип, табынып турушкан. Азыркы учурда да ошондой касиет жөндөмгө эгедер инсандар да ар дайым ошол ыйык салтты улантып келишет. Алар Манас Атанын рухуна, бардык рух күчтөрүнө табынганда мурдагы нечендеген залкар манасчылардын рух күчтөрү колдоп, эбегейсиз күч жигерге, илхамдык касиетке эгедер болуп, оргуштаган таланттарына канат байлап, Манасты жеңил айтып калышкандыктарын баса белгилешет.







Күмбөздү СССР илимдер академиясынын археология институтунун А.Н.Бернштамдын жетекчилиги менен Жети-Суу археологиялык экспедициясы экинчи ирет казган. Казуу учурунда табылган сөөктөн тышкары дагы эки жыгач табыт чыккан. Ал табыттардын деңгээлинен төмөнүрөктөн дагы эки сөөк чыккан. Чыгыш тарабындагы табыт менен катар 1937-жылы изилдеген батыш тарабындагы кыш менен жабылган, ал эми көрдүн казанагында 11метр тереңдиктен эркек кишинин сөөгү табылган. Антропологиялык изилдөөлөрдүн аныктамасы боюнча ал эркек адамдын сөөгү боюнун узундугу 2,50-2,60 метр келген, баш сөөгү өзгөчөлөнгөн, 55-60 жаш курактагы мезгилинде кайтыш болгон деген аныктама бар.





Ал окумуштуулар Манастын сөөгү деген бүтүмгө келишкен. 1961-жылы Манастын күмбөзүн калыбына келтирүү иштери боюнча алгач архитектор Е.Нусов долбоор даярдап, 1968-1970-жылдарда жетекчилик кылган топ ишке ашырган. 1993-95-жылдары "Манас" эпосунун 1000 жылдыгына карата "Кыргызреставрация" бирикмеси тарабынан реставрация толук жүргүзүлгөн. Күмбөз нечендеген кылымдар бою талкаланып, бүлүнбөй, аба-ырайынын ар түрдүү жагдай, шарттарына туруштук берип, ата-бабаларыбыздын таберик эстелиги катары муундан муунга ыйыктыктын символу болуп келатат.

Ошентип Манас Атанын ыйык күмбөзү касиеттүү мазар болуп, кылымдарды карытып келүүдө. Миңдеген жылдар бою кыргыз эли күмбөздү ыйык тутуп, аздектеп, урматтап-сыйлап, улуу таазим менен сыйына беришмекчи. Күмбөздүн жанына жайгаштырылган Манастын төлгө ташы, Аккуланын мамысы, Аккуланын акыры, Чачыкейдин ташы күмбөзгө таасирдүү кошумча руханий күч берип тургансыйт.









Күмбөздү илимий иликтөө, реставрациялоо ишине хронологиялык мүнөздө көз чаптырсак төмөндөгүдөй;

1893-1894-жылдарда академик В.В.Бартольд “Орто Азияга келгендеги отчет” деген илимий эмгегинде Манастын күмбөзүнө кеңири токтолгон. 1907-жылы А.С.Колесникова тарабынан күмбөз биринчи жолу сүрөткө тартылып алынган. 1973-жылы Манастын күмбөзү мамлекеттик коргоого алынган. Ушул жылы Совет өкмөтү тарабынан тарых изилдөөчү П.П.Иванов илимий иштерди жүргүзгөн. 1975-жылы искусство жана жаратылыш эстеликтерин коргоо боюнча Орто Азия комитети тарабынан окумуштуу М.Е.Массон күмбөздө изилдөө иштерин жүргүзгөн. Алгач, 1937-жылы профессор Б.М.Зима археологиялык казуу иштерин жүргүзгөн. 1938-жылы профессор А.Н.Бернштамдын жетекчилиги менен күмбөздө экинчи ирет археологиялык казуу иштери жүргөн. Аталган ишти СССР Илимдер Академиясынын Жетисуу археологиялык экспедициясы ишке ашырган. 1944-жылы 4-августта эл депутаттарынын Талас райондук кеңешинин аткаруу комитетинин жана Талас райком партиясынын бюросунун чечими менен Манастын күмбөзүн сактоо жана оңдоо иштерине 6871сом 55тыйын бөлүнгөн. 1961-жылы В.Е.Нусов Манастын күмбөзүн реставрациялоонун долбоорун сунуш кылган. 1968-1970-жылдары күмбөздү реставрациялоо иштери ийгиликтүү жүргүзүлгөн.1976-жылы 24-декабрда Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин №672 токтому менен Манастын күмбөзүнүн алдында адабий этнографиялык музей уюштурулган.
1980-ж. 08.09. Талас райондук Кеңешинин аткаруу комитетинин №276-чечими менен Манастын күмбөзүнүн алдындагы адабий -этнографиялык музейинин курулушу башталган. 1991-ж Манастын күмбөзүнүн алдындагы адабий этнографиялык музейдин базасында “Манас” музей-коругу түзүлгөн. 1992-ж 13. 06-“Манас” эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы чыккан. 1903-ж. 13. 09.-Талас райондук акимчилиги тарабынан “Манас” музей-коругун жашылдандыруу-көрктөндүрүү үчүн 4га жер бөлүнүп берилген. 1995-жылы Манастын күмбөзү Маданият министрлигинин алдындагы реставрациялоо мастерскаясынын адистери, жетекчиси Б.В.Помаскин тарабынан толук реставрацияланган. 1995-ж. 29. 08.- Таласта “Манас” музей-коругунда “Манас” эпосунун 1000 жылдык маарекеси өткөн. 1996-ж. “Манас” музей-коругу Мамлекеттик “Манас Ордо” комплекси болуп кайрадан түзүлгөн. 2001-ж. 24.03.-“Манас Ордо” мамлекеттик комплексине Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы улуттук “Манас Ордо” комплексинин статусун берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы чыккан. 2005-2006-ж.—Манастын күмбөзү реставратор Жаныбек Садыбакасов тарабынан кайрадан толук реставрацияланган.



“Манас” эпосунун музейи

# «Манас» эпосунун фольклордук - этнографиялык музейи







Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн (IX-X к.) картасы

Улуттук конуштагы зыяратчыларды жана туристтерди өзүнө тарткан өзгөчө жайдын бири “Манас” эпосунун тарыхый-этнографиялык музейи.

Музей эки кабаттан турат. Музейде конференц- зал баяндамачылардын, көзөмөлдөөчүлөрдүн бөлмөлөрү жана белектер сатылуучу бурч бар. Босогонун оң тарабында Орхон-Энесай жазуусуна мезгилдеш Талас жазуусу бар таш жез алкактын ичине коюлган. Анда “Бул-Улан ысымындагы чоро, Отуз чоронун башы” деп жазылган. Бүгүнкү күндө Орхон-Энесай жазмалары бетине чегилген 40тан ашык таштар белгилүү болсо, анын 12сиТаластан табылган. Музейдеги жазуу Талас шаарынын чыгыш тарабынан табылган 5 таштын бирөөсү. Калган төрт таштын бирөөсү ушул күндө КРнын мамлекеттик тарых музейинде, бирөөсү Кыргыз улуттук университетинде сакталып турат. Ал эми таштардын экөөсү четте,бирөөсү Россия Федерациясынын “Эрмитажында” сакталып турат. Дагы бири фин окумуштуусу Каллаур тарабынан Хелсинкиге алып барылып, тарых музейине коюлган.







Музейдин кабаты беш бөлүктөн турат. Кире бергенде сол тарапта дубал бетине Кыргыздын улуу держава мезгилиндеги (IX-X к) мамлекеттүү картасы жасалган. Бул картадан зыяратчылар, туристтер кыргыздардын орто кылымдагы улуу дөөлөтүн көрүп, сезип, туюшат. Кыргыз тарыхын из үйрөнгөн окумуштуу академик А.Н.Бернштам бул туурасында минтип жазган; "Сибирдеги зор Енисей дарыясынын өйүз-бүйүзүндө кыргыз уруулар –бул жердеги байыркы калктын өргөөлөрү каз катар созулат.Бул өз доорундагы (VI-X кылымдагы) алдыңкы кубаттуу мамлекеттердин бири бо Чыгыш тарыхын казып изилдеген таанымал академик В.В. Бартольд болсо бул туурасында:"Бул мезгилде Кыргыз мамлекети Орто Азиянын бөлүгүндөгү көчмөн мамлекеттин күчтүүлөрүнүн бирине айланган" деп жазган.

Кийинки бөлүм—Кыргыздын дөөлөттүү тарыхын укумдан тукумга уламалап айтып ушул мезгилге жеткирген улуу таланттарга- манасчы арналган. Грек элинин "Иллиада" менен "Одиссеясын" айтышкан Демодок менен Фемий өздөрү Троя согушунун катышуучулары болушкан экен. элинин "Махабхарата", "Рамая" эпосторун түзүп жана айтышкан Вьяса менен Вальмика ошол окуяга өздөрү катышкандыгы айтылып, жазылып к "Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйнап журт кылган", кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөп, бекемдеген Айкөл Манастын эли журтунун эркинди душмандар менен салгылаштарын, эли-жеринин өсүп-өнүгүшү үчүн кылган кызматтарын Кырк-Чоросунун бири катары өзү жанында жүрүп, согуштарга катышып көрүп, аны ырга айлантып айтып чыккан Ырамандын ырчы уулу Каратай болгон. Ошол эле мезгилдерде чыккан "Жалгыз түндүгүн жарым күнү ырдаган" чоң талант Жайсаң Үмөт уулу алгачкы Манас айтуучу болуп саналат. Ушул улуу манасчылардын "Манасын" ж айткан Токтогул ырчы болгон делет. Токтогулдун алтын ооз жез таңдай ырчылыгы туурасында эл оозунда "Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынч деген кеп аңыз болуп айтылып калган.

Андан кийинки ондогон муундардын арасынан таланттуу манасчылар чыгышкан. Алар туурасында маалымат бизге жеткен эмес. Бир гана Н манасчынын аты үзүл-кесил айтылат. Андан кийин аты-жөнү жана керемет таланты дааналанган улуу манасчы Келдибек Карбоз уулу болгон. "Кел кызып манас айтканда Манастын чоролорунун тулпарларынын дүбүртүнөн жер дүңгүрөп, боз үй солкулдап, чак түштө күүгүм түшүп турчу экен" аңыз кеп элибиздин оозунда калган. Келдибек манасчынын өмүрү жана чыгармачылык жолу туурасында башка маалыматтар бизге жеткен эмес.



Алп Манасчы Жусуп Мамай

Сүрөтчү Базарбек Сыдыковдун “Манасчы” диораммасы мына ушул манасчыга жана дагы бир алп манасчы Балыкоозго арналган.

Андан кийинки улуу манасчылардын башында жогоруда аталган Балык Кумар уулу (Балыкооз) Тыныбек Жапый уулу, Чоюке Өмүраалы уулу, Найманбай Балык уулу, Сагынбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Шапак Рысменде уулу, Тоголок Молдо, Жаңыбай Кожек уулу,Молдобасан Мусулманкул уулу, Дүңкана, Шаабай, Кааба аталышат. Кытайлык кыргыздардан чыккан ушул күндөгү тирүү манасчы Жусуп Мамай “Манас” эпосун жана анын кийинки бөлүктөрүн толук айтат. Кытайда Жусуп Мамайдын “Манасы” толук басып чыгарылган. Анын бир нускасы музейде сакталып турат. Салмагы 5кг. келет. Стенддерде мына ушул манасчылар тууарасында маалыматтар берилген, манасчы композитор Мураталы Күрөңкеев, манасчылар Мамбет Чокморов, Багыш Сазанов, Акмат Рысмендеев, Ыбрай Абрахманов, семетейчи Сейдана туурасында маалыматтар бар.



Жусуп Мамайдын “Манасы”





“Манасчы” диорамасы

Биринчи кабаттын экинчи бөлүгү “Манас” эпосун изилдөөчүлөргө арналган XVI кылымдын башында жазылган “Мажму ат Таварихтен” баштап, казактын тунгуч илимпозу, фольклорчусу, тарыхчысы Чокон Валиханов, орустун этнограф илимпозу, археологу Василий Радлов, атактуу илимпоз, акын, котормочу Касым Тыныстанов, белгилүү советтик окумуштуулар Д.Поливанов,А.Н.Бернштам, М.О.Ауэзов, Б.Юнусалиев, К.Рахматулин, М.И.Богданова, Х.Карасаев, Т.Байжиев жана башкалардын “Манасты” изилдөөдө сиңирген эмгектери туурасында маалыматтар топтолгон.



Кыргыз улуттук илимдер академиясынын тил жана адабият институтунун курамындагы Манас секторунун кызматкерлерине арналган стендде Самар Мусаевдин, Раиса Кыдырбаеванын, Кеңеш Кырбашевдин “Манасты” изилдөөдөгү эмгектери баяндалган.







Стендде В. В. Радлов, Ч. Валиханов

Кийинки стенддерде Кыргыз Улуттук Манас Ордо комплексинде 1995-жылдын 2[…] августундагы өткөрүлгөн “Манас эпосунун 1000 жылдык юбилейиндеги көркөм көрүнүштөрдүн, салтанаттардын сүрөттөрү, Манас Атанын күмбөзү, аны сактоо жана изилдөөгө арналга[…] маалыматтар, “Манас” эпосуна байланышкан ыйык жерлер берилген.

“Манас” эпосу искусство бөлүмүндө республикабызда эң алгач кюлган “Айчүрөк” опера[…] тартылып алынган фотосүрөттөр, ролдорду аткарышкан таланттуу артисттер жөнүндө маал[…] менен таанышууга болот.



Стендде Б. Юнусалиев, М. Ауэзов





Стенддерде "Манас" изилдөөчүлөр

Кино тармагына арналган стенд кызыктуу 1941-жыл "Манастын уулу Семетей" аттуу тасманы тартуу далалаты оор шартка байланыштуу ишке ашпай калган. 1962-жылы 2 бөлүктөн турган "Улуу эпос" тасмасы тартылган. Мында белгилүү кинорежиссерлор Лилия Турусбекованын, Болот Шамшиевдин, Мелис Убукеевдин, Төлөмүш Океевдин эмгектери зор болгон.

Бишкек шаарындагы Манастын жана залкар манасчылардын эстеликтери белгилүү скульпторлор Тургунбай Садыковдун жана Ольга Мануйлованын чыгармачыл эргүүсүнөн жаралган. Бул стендде ошондой эле белгилүү сүрөтчүлөр Теодор Герцендин, Белек Жумабаевдин, Таалай Курмановдун Манаска жана "Манас" эпосундагы каармандарга арналган сүрөттөрү коюлган.





"Манас" эпосу кинодо жана искусстводо

Музейдин 1-кабаты Кытайдын тарыхчысы Сыма-Цзян б.з.ч. 209-201-жылдары кыргыз ээлиги жөнүндө жазганынан баштап, Кыргыз элинин биринчи башкаруучусу Ли-Лин, Енисейлик кыргыздардын маданияты, руникалык жазуулары, Енисейдеги кыргыз каганатынын ажосу Барс-Бек, 1508-жылы ак кийизге отургузулуп, Кыргыз башкаруучусу болуп жарыяланган Мухаммед-Кыргыз, кыргыз элинин залкар ойчулдары Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, кыргыз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн, элдигин сактаган Маматкул бий, Кубат бий, Алымбек датка, Курманжан датка, Атаке баатыр, Ормон хан, Полот хандын эл алдында сиңирген эмгектери, кыргыз элинин –жеринин Россияга кошулушу, Кеңеш бийлиги, Совет жылдарында мамлекеттигинин калыптанышы, 1991-жылы эгемендүү мамлекет болуп жарыяланышы туурасында бай маалыматтар менен аяктайт.



Улуу Манасчылар Сагынбай Орозбаков жана
Саякбай Каралаевдин элес айкели



Экинчи кабатта археологиялык, этнографиялык, буюмдардын, көркөм сүрөттөрдүн жардамы менен “Манас” эпосу жана сюжеттик эпизоддор менен таанышасыздар. Музейдин 2-кабаты көк түстөгү боёктор менен берилип, философиялык термин Көкө Теңирдин ыйык Ааламдын сырдуу дүйнөсүндөгү жана “Манас” эпосундагы окуялар кеңири чагылдырылат. Ал эми экспозициянын экинчи бөлүгү кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде аңчылык, жоокерчилик, дыйканчылык жана үй турмушунда колдонулуп келген археологиялык жана этнографиялык буюмдар орун алган. Музей экспозициясы төрт бөлүмдөн турат: Манастын төрөлүшү, торолушу, эрезеге жетиши жана кайра жаралуу.

Кыргыздардын жерине көз артып, эбин таап чаба албай жүргөн Кытайдын ханы Алооке Ороздү өлгөндөн кийин кыргыздарды чаап, тентитип, туш-тушка таратат.










Манастын төрөлүшү

Орозду хандын уулу Жакып азганактай эли менен Алтай жергесине айдалат. Күндөр айларга, айлар жылга айланып, Жакып 48жашка чейин уулдуу болбойт. Күндөрдүн биринде Жакып хан түш көрөт, түшүндө алп кара кушту көрөт. Куш асманга көтөрүлгөндө, асман жердин жаныбарлары баш ийип таазим этишет. Чоочуп ойгонгон Жакып карыяларга түшүн жоорутса, “эл керегине жараган уулдуу болосуң” деп бата беришет. Манас төрөлгөндө эпосто айтылгандай: “Колунда кош колдоп заар кармап, курсакта жатып бакырып, Манастап ураан чакырып, жерге таманы менен түштү” делинет. Баланын оң ийининде калы, шилисинен курчоосуна жеткиче кулундукундай тайкы жалы бар экен.



"Манастын балалык чагы"



"Кыргыздардын Алтайдан Алатоого көчкөн улуу көчү"





“Манастын Алтайдагы алгачкы беттешүүсү”



“Манастын балалык чагы” диораммасы Манас баш болгон бал
ордо ойноп аткан учурунан кабар берет:

Манастын черткен чүкөсү тийген төө шыйрагы омкорулуп
оңкосунан кеткендегиси.

“Манастын Алтайдагы алгачкы беттешүүсү” диораммасы Ма
эрдиктери күндөн- күнгө көзгө илине баштагандыгынан баян чалат.

Калмактын катыгын берген жаш Манасты кармап, элин багынд
Эсенкан, Нескара баш болгон калың кол Алтай жергесине аттан
кабарды уккан Манас жергиликтүү калктан кол курап кытай-калм
каршы согушка даярданып жаткандагысы. Кыргыздардын кошуну ж
ээ болуп, согуштан кийин баатырларга балбал таштарды эстелик
коюп кете беришкен.

Диорамма- “Кыргыздардын Алтайдан Алатоого көчкөн улуу көчү”

Мында Манас кыргыз элинин хандыгына көтөрүлгөндөн
“Арбагы бийик Алатоо барбай кантип коёюн. Ата мурас жеримди,
кантип коёюн” - деп Талас жергесине кайтып келмек болот. Манас
колу менен кыргыз элин көчүрүп Каркыра жайлоосун басып өтүп,
капчыгайы менен Сары өзөн Чүйгө келгендегиси.



Орто кылымдарга таандык кылыч, найза, жебенин калдыктары

Диорамма - "Манастын Каныкейге үйлөнүшү". Манас 30 жашка келгенче Жакып куда түшүп колукту алып берген эмес экен. Олжого келген эки аялы болгон, Карабөрк жана Акылай деген. Жакып Бакайды кошуп алып жер бетин кыдырып жүрүп Букар ханы Темирхандын кызына көзү түшүп, Манаска алып бермек болот.

"Каныкей келсе Таласка, сайып жүрүп бак кылаар. Санжыралуу башыңды, жер жүзүнө хан кылаар"-деп Манаска Жакып, Бакай баш болуп кыздын калыңына мал айдап, алтын күмүш зер жыйнап, кудага келүү аземи. Каныкейдин өз аты Санирабига, ал эми Манас үйлөнгөндөн кийин хандын никелүү аялы деп "Каныкей" аталат.



"Алооке хандын качышы"



"Манастын Каныкейге үйлөнүшү"





Карапа идиштер. VIII-XVI к. к.

Диорамма: "Алооке хандын качышы".

Шоорук хандын шору катты Манастан, Орго хандын ойрону чыкты Манастан. Хан Алооке Манастын ата-бабасы жердеген Талас жергесине кайтып келе жатканын угуп: "Бул Манасты пенде жеңеби" деп ачык согушка чыгалбай терең ойго батып отурганы. Арт жагында Алооке хандын эли кыргыз жергесин таштап, Кытайга багыт алып качып бара жаткандагысы.



“Көкөтөйдүн ашы”



Кошой менен Жолойдун күрөшү



Диорамма- “Көкөтөйдүн ашы”

Көкөтөйдүн ашы Ысык-Көлдүн Каркыра жайлоосунда өткөн.

“Санжыргалуу Көкөтөй дүйнөдөн өтүп, уулу Бокмурун үч Каркыра конду де, Көкөтөйдүн чоң ашын берер кези болду де”-деп төгөрөктүн төрт бурчунан конок чакырып, Ысык-Көлдүн Каркыра жайлоосуна аш өткөзөт.

Диораммада Манастын жан-жөкөрлөрү менен ашка келе жаткандагысы, Бокмурун аштын ээси катары сый-урмат кылып, Манаска ат тартуулап, тосуп турганы чагылдырылган.

Диорамма-“Кошой менен Жолойдун күрөшү”

Көкөтөйдүн ашында көптөгөн оюн-зооктор ойнолот. Алар: ат-чабыш, эр-сайыш, жамбы атыш жана балбан күрөш.

Күрөшкө кытай-калмак тараптан 45 жаштагы Жолой, ал эми кыргыздардын намысын коргоп 80 жаштагы катагандын хан Кошой чыгат. Бир нече күн таймашуудан кийин:

“Тоодой Жолой балбанды, томкоруп жерден алганы. Көтөрүп жерге уруптур, көпчүлүк карап туруптур” дегендей, Кошой Жолойду көтөрүп чаап башынан аттап кетет. “Ханыбыздын башынан аттап кеттиң”, - деген кытай-калмактардын чатагы чагылдырылган.





“Жети хандын чатагы”



“Алмамбет





“Жети хандын чатагы”

Диорамма- “Жети хандын чатагы”. “Көкөтөйдүн ашы, чоң чатактын башы” дегендей, Манастын ашты өзү билип башкаргандыгына нааразы болгон кыргыздын жети ханы, өзүнүн элчилеринен Манаска:

“Кыйынсынбай жөн жүргүн, тууган менен тең жүргүн” - деп кат жиберишет.

Манас элчилерин сый-урмат менен кабыл алып, узатаарда: “Кырк күн күтөм кыркынчы күнү келишсин, оюма ойлорун, кошунума кошунун кошушсун” - деп катуу буйрук берет.
Ошондо гана хандар мунун аягы жамандык менен бүтөөрүн сезишип, кырк күн дегенде кошуну менен кошулуп, Манас Чоң казатка аттанат.



“Алмамбет менен Чубактын чатагы”





Диорамма - “Алмамбет менен Чубактын чатагы”

Алмамбет менен Сыргакты Манас чалгынга жиберет. Чалгындын кабарын уккан Чубак Манаска келип, “Кытайдан келген Алманбет жакын болдубу?” - деп таарынып, Алмамбеттин артынан кууп жетип чыр салат. Алардын чырын Манас менен Бакай басат.
Бакай: “Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет”, - деген накыл сөзүн айтып, чырын токтотуп жатканы чагылдырылган.


Алгарачак Конурбая
Аламын деп Манасты
Ашыгып найза салыптыр.
Карматып кожо найзасын.
Кайра тартып алууга
Алы келбей калыптыр
Алдындагы алгара
Бура тартып алыптыр.

"Чет Бейжин"








Манас Атанын дүйнө салышы



Экспозицияда кытайдын “Чет Бейжини”. Алты жүз миң кол баштаган Манас Коңурбайдын кошуну менен Улуу Кытай сепилинде беттешип, кызыл кыргын кара сүргүн катуу согуш болуп, Манастан жарат алган Коңурбай качып кутулуп, кошуну жеңилүүгө дуушар болот. Ошондо Эсенкан айласы кетип, Манаска дүр-дүйнө тартуулап, Чет-Бейжиндин хандыгын сунуш кылып, элчи жиберет. Манас Кырк Чоросу менен кеңешип макулдугун берип, Чет-Бейжинде хан тактыга отургандагысы. Күндөрдүн биринде жашыруун келген Коңурбай Манас Теңирге сыйынып жаткан учурда ууланган найза менен сайып, оор жарадар кылат.

Кайрадан кытай, кыргыз кошундары беттешип, чоролорунан ажыраган Манас Алатоого чегинет. Жарат алган Манас Талас жергесине кайтып келип, дүйнө салаарын сезип, кашына Каныкейди алдырып: “Ханы өлгөндө катынга, төркүнү жакын болуучу. Жыйган дүйнөң чачып кет, атаң Темир ханга качып кет”,-деп акыркы керээзин айтат. Фондо күндүн батып баратышы, баатырдын өмүрүнүн аякташын билдирет. Сүрөттөгү дөбөлөр Каратоонун этегиндеги коргон менен курчалган Кошой балбандын ордосу жайгашкан Чеч-Дөбө. Чоң казатта окко учкан Алманбеттин сөөгү коюлгандыгы жана ал жер “Алманбет мазары” деп аталары эпосто эскерилет. Манас өлгөн соң Каныкей Айкөлдүн урматына күмбөз тургузуп:

“Алты миң эркеч бир кырып, кыш кайнатып бек салдым. Айкөлүмдүн күмбөзүн, алты кылым өткүчө, бузулбай турсун деп салдым”- деп үч айлык баласы Семетейди алып, 85 жаштагы кайненеси Чыйырды менен Букарды көздөй жашыруун качып баратканы.



...ңурбайдын кошуну
...ып, Манастан жарат
...асы кетип, Манаска
...Кырк Чоросу менен
...ширинде жашыруун
...эр жарадар кылат.
... Алатоого чегинет.
...ныкейди алдырып:
...нга качып кет",-деп
...ташын билдирет.
...ордосу жайгашкан
...анбет мазары" деп
...п:
...ты кылым өткүчө,
...нөнеси Чыйырды



"Ата Мурасы"



"Түбөлүктүүлүк"

Жоомарт Кадралиевдин "Ата мурасы" сүрөтү. Ортодогусу Манас, баласы Семетей, небереси Сейтек. Баатырлар тирүүлүктө бири менен бири көрүшпөгөн. Баатырлар кыргыз элинин жүрөгүндө түбөлүккө сакталып келатат. Арткы фондо кыргыз эли жана ошол учурдагы хандыктардын асабалары. Үстүндө Алатоо кыркалары. Ортодогу калкан менен зулпукор кылыч атадан балага эли жерин коргоого берилип келе жаткан мурас.

"Түбөлүктүүлүк" сүрөтү музейдин чыгыш тарабында бүтүндөй дубалды ээлеп турат. Автору Жоомар Кадыралиев. Үстүңкү фондо Жакып менен Чыйырды Көкө Теңирге жалынып, уул сурап турганы. Ал эми кызылдын үстүндө Манастын колдоочуларынын коштоосунда төрөлүшү. Кийинки катарда Алтай жерин душмандардан бошотуу салгылашы чагылдырылган.

Он беш жашар Манас чоролордун коштоосунда ак кийизге салынып хан болуп шайланышы берилген.






Кийинки көрүнүш - Кыргыздардын Алтайдан Алатоого көчүп келе жаткан улуу көчү: астында жоокерлери, артта ак элечек энелер. Улуу көчтө ак мөңгүлүү Алатоо кыркалары көрүнүүдө. Оң – сол тарабында Манастын ички душмандардан жарадар болушу жана Каныкейдин Манасты куткарып алуусу. Ортодо Манастын хан өргөөсү. Манас менен Каныкейдин элден бата алган кезинен көрүнүш.

Алдыдагы жети баатыр: Манас, Бакай, Кошой, Алмамбет, Чубак,Сыргак, Серек сыяктуу чоролору менен эң акыркы жолу Чоң казатка аттанып бараткандагысы. Астындагы эки кабылан Манастын колдоочулары. Эң акыркы горизонтто Манастын чоролорунун бири Ырамандын ырчы уулу Каратай Манас өлгөндөн кийин анын басып өткөн жолун, эрдиктерин элге даңазалоодо.

Арткы фондо "Манас" эпосун ушул кезге чейин элге ыр түрүндө мурас катары жеткирген манасчылардын элеси.

Ортодо (фоеде) Саякбай Карала уулунун элес айкели. Өзгөчө таланты, алмадай башына "Айкөл Манасты" түгөл батырган адамды таң калтырарлык эске тутуусу менен айырмаланган феномен манасчынын нөшөрдөй төгүп манас айтып жаткан учуру. Элес айкелде залкар манасчынын айтуучулук ыкмасынын бөтөнчөлүгү, тубаса актердук чеберчилиги айкын көрсөтүлгөн.



Түлөөкана





"Кудайды көзүң менен көрбөсөң да, акылың менен тааны" дешкен акылмандар. Курани Каримдин "Аль - Мааида" сүрөөсүндө "Түлөөдөн түк калбасын" деп айтылат. "Манас" үчилтигинде түлөө тууралуу маалыматтар жетиштүү. Манас төрөлгөндө атасы Жакып, Семетей Таласка келгенде абасы Бакай, Сейтек төрөлгөндө өгөй атасы Кыяз түлөө беришет.

# Түлөөкана - ти



өнен
ль -
деп
нда
асы
тек





# Кудайдан жакшылык
# илөөчү жай

Ыйык саналган бул ырасымдын бүгүнкү күндө да таасири чоң. Үй – бүлөлөр, жамааттар Жаратkandaн жакшылык тилеп түлөө өткөрүшөт. Манас Атанын күмбөзү атам замандан бери элибиз зыярат жасап, түлөө өткөрүүнүн мазарлуу ордосу болгон. Мазарлуу жерден түлөө өткөрүп, тиленген тилек Алла таалага жетет деп эсептейт элибиз. Парапсихологдордун баамында мазар жайларда ауранын тазалыгы, касиеттүү күчтөрдүн жагымдуу таасири айкын сезилет.

КУМОКтун түндүк тарабынан орун алган түлөөкана комплекси “Манас” эпосунун 1000 жылдык юбилейине карата курулган. Түлөөкана ар бирине 25 адам сыя турган үч бөлмөдөн, 10 адам сыя турган 5 жайкы тапчандан, 70 адам сыярлык жайкы жайдан, 5 коломтодон, 4 эт жасоочу жайдан, мал союучу жайдан турат. Түлөө өткөрүүчү адамдар, жамааттар КУМОКтун кассасына тийиштүү өлчөмдөгү акча каражатын төлөшөт. Түлөөкананын кызматкерлери аларга бөлмө берип, идиш – аяк, отун суу менен камсыздашат. Калган ишти түлөө берүүчүлөр өздөрү аткарышат. Кудай тамак аяктагандан кийин орундарын ирээттеп, идиш – аяктарды жууп тазалап түлөөкана кызматкерлерине өткөрүп беришет. Туш тарабы бак - даракка оролгон, капталынан шаркырап суу аккан тоо этегиндеги жайга баш багып, даам сызган адамдын чынында азат - бою жеңилдеп, көкүрөгү тазарып, көөнү толуп кайтат.

Түлөөканада түлөөсүз күн болбойт. Күн сайын Талас өрөөнүнүн баш аягынан зыяратчылар келип түлөө өткөрүшөт. Нарындан, Токтогулдан, Ысык-Көлдөн, Жалалабаттан, Чүйдөн, Оштон, бир тууган казак элинен Манас ордого зыяратка келишип, түлөөканада түлөө өткөрүшкөндөр арбын. “Кудайдын кулумун, Мухамед салаллоху алейхи оссаламдын үмөтүмүн”, деп улуу Жаратканга сыйынып, Манас Атанын, ата - бабанын арбагына багыштап куран түшүрүп, баабедин айтып түлөө өткөрүшкөн мусулмандарга “Түлөөңөр кабыл болсун” деген тилегибизди жолдойбуз.




Конок үйү



# Элдик дарыгерлер борбору - эл байырлаган жай





Аталган жай 1995 – жылы “Манас - 1000” улуу маарекесине карата бүтүрүлгөн, 30 орунга ылайыкташтырылган. Элдик дарыгерлер борборунда элдик дарыгерлик боюнча көп жылдык тажырыйбасы бар адистер эмгектенишет. Адамдар ар кандай руханий, күч издеп келип, Манас атанын ыйык мазарына ниет кылган көптөгөн адамдар конок болушат.ошондой эле дартка дабаа издеп келишкен адамдардын агымы ар дайым үзүлбөйт.

Улуу руханий күчтөрдүн таасири менен Теңирди таануунун бийик жана татаал жолун издеп, акка моюн сунуп, рух бийиктигине умтулган адамдардын агымы ар качан аталган жайдан үзүлбөйт.

Элдик дарыгерлер борборуна алып барган жолдо Айкөл Манас Атанын, анын ыйык Кырк Чоросунун, Бакай ата жана Каныкей апанын айкелдеринин ансамблдери турганы өзгөчө символикалуу. Аталган жайга аруу тилек менен келгендер руханий күчтөрдүн таасири менен дарттарына шыпаа таап, ыйык мазардын касиетине, Теңирге көкүрөктөн чыккан таазимдерин терең ызаат туюм менен билдиришет. Аталган жайдагы элдик дарыгерлер дартка дабаа, шыпаа издеп келгендерге мүмкүнчүлүктөрүнүн келишинче жардам көрсөтө алышат. Шыпааканадагы мейманкана, тейлөө кызматтары конокторду талаптагыдай тейлөө үчүн ар дайым аракетте.

Шыпааканага Теңирден ыйык күчтөрдүн ишараты менен Кыдыр даарыган, кайыптар туш болгон адамдар Манас айтуунун керемет жана улуу жолуна түшкөндөр бир нече күндөп зыяратка келишет. Айрым учурларда таңкалтырган көрүнүштөр болот. Айрым манасчылар бир нече күн бою улуу дастанды айтып, нөшөрдөй төгүлгөн, океандай толкуп ташыган, шамалдай, бороондой чабыттаган илхам кудуретин көрсөтүшкөн керемет көрүнүштөр да болот.

Манас Ордо комплексинде жайгашкан түлөөканага мал союп, зыярат жасагандар арбын болуп, кезек күтүп калышканда, алар шыпааканада ошондой иш чараларды жасоого мүмкүнчүлүк алышат.

Өзгөчө алыстан ат арытып, жол карытып ыйык күмбөзгө зыярат жасоого, руханий күчкө табынууга келген адамдарга, конокторго шыпаакананын кызматы өтө зор. Рухтар менен байланышта болгон касиеттүү күчкө эгедер адамдар зикир чалып, транска чыгып жаткан учурларын аталган жайдан арбын учуратууга болот.




Ат майдан





# Атмайдан - улуу тойдун конушу







Манас Ордонун атмайданында 1995-жылы август айында өткөрүлгөн "Манас" эпосунун 1000жылдык маарекесинин негизги иш чаралары өткөрүлгөн. Манас баатырдын төрөлүшүнөн тартып, Мекен үчүн кашык каны калганча душмандар менен салгылашып, бүткүл өмүрүн кыргыз элинин көз карандысыздыгы, келечеги үчүн арнаган айкөлдүн улуу дастаны көркөм театрлаштырылып, ат майданда он миңдеген элге тартууланган. Театрлаштырылган оюн жүздөгөн адамдардын катышуусу менен өткөрүлүп, көптөгөн өлкөлөрдүн телеберүүлөрүнөн көрсөтүлгөн. Атмайдан Кароол Чокунун жана Кызыл Аска деп аталган дөбөнүн ортосундагы ойдуң жерде жайгашкандыгы жаратылыштын амфитеатрын элестетип кетет.







Атмайданда улуу маарекеден кийин залкар таланттар Атай Огомбаевдин, Муса Баетовдун жана Шекербек Шеркуловдун 100 жылдык маарекелерине арналган "Талас таңшыйт" эл аралык телефестивалдары, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы (2003-ж), Талас шаарынын жана Талас областынын 60 жылдык маарекелери (2004-жыл), улуттук оюндардын IV спартакиадасы (2005-жыл), чыгаан акын Байдылда Сарногоевдин чыгармачылыгынын эскерүү азем салтанаты, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө арналган "Рухтун жүз долбоору", "Улуттук дөөлөт-рухий мурас", "Кылым карыткан кыргыз дөөлөттөрү" ж.б. республикалык маданий чоң иш чаралар өткөрүлдү.


Куш келиңиздер!







Хан өргөөдөгү “Манас Ата” шеринеси





# Коомдук Манас Академиясы







“Манас Ата” шеринесинин катышуучулары

2008-жылдын апрель айында улуттук комплекстин “Айкөл Манас” коомдук фондусунун астында Коомдук Манас академиясы (КМА) түзүлгөн. КМА максаты: Кыргыз Республикасындагы бардык тармактардагы жаратмандык жана түзүүчүлүк эмгекти колдоого алуу, улуттук өнүгүүгө залкар салым кошкон атуулдарды сыйлоо. Бул максатта “Айкөл Манас” медалы чыгарылат, КМА академиктери аныкталат, 15 миң сом акчалай сыйлыгы бар Манас Атанын сыйлыгынын лауреаттары белгиленет. КМА биз жогоруда баяндагандай, жайдак жерде эмес, улуттук комплексте буга чейин илимий иликтөөлөр багытындагы аткарылган кыйла иштердин, алдыга койгон албан милдеттердин негизинде уюштурулган. КМАнын жобосу иштелип чыгып, юридикалык каттодон өтүп, иш аракети мыйзамдаштырылган.

КМА өзүнүн ишин манас темасында иштеген республиканын белгилүү окумуштуулары, коомдук ишмерлери менен тыгыз чыгармачылык байланышта жүргүзөт. КМАнын ардактуу мүчөлөрүнүн катарында КРУИАнын академиги Абдылдажан Акматалиев, профессор, публицист Советбек Байгазиев, жазуучу драматург Бексултан Жакиев, публицист Кален Сыдыкова, педагогика илимдеринин доктору Сулайман Рыспаев, эл аралык журналист Кубат Чекиров, Кыргыз эл мугалими Бектур Исаков бар. Ардактуу мүчөлөр КМАга иш багыттары боюнча кеп-кеңештерин беришип, ишин илгерилетүүгө көмөктөрүн көрсөтүшөт. Маалы менен Манас Ата шеринеси уюштурулат.

Коомдук Манас академиясы уюштурулгандан бери, Манас Ордонун айтылуу 12 канат хан өргөөсүндө анын бир нече жыйыны-Манас Ата шеринеси өткөрүлдү. Анда республиканын билим, маданият, өндүрүш тармактарына өзгөчө салымдарын кошушкан инсандарга КМАнын сыйлыктары тапшырылды.







Улуттук комплекстин “Манас” эпосу музейинин дагы бир иш багыты- илимий иштер. Музейдин илимий кызматкерлери элибиздин тарыхы, санжырасы, элдик оозеки чыгармачылыгы боюнча эл оозунан уламыштарды, болумуштарды, казалдарды, баяндамаларды чогултушуп, атайын папкаларды түзүшөт. Эзелки тарыхка бай Талас өрөөнүнүн аяк башындагы өзөндөгү аска беттериндеги петроглифтерди издеп таап, иликтешип, сүрөткө тартышып, КРУИАсынын археология бөлүмүнө жөнөтүшөт.

Республиканын белгилүү археологдору менен бирге Талас өрөөнүндөгү орто кылымдагы Атлах, Шелжи, Сус, Текабкет шаар чалдыбарларында казуу иштерин жүргүзүшүп, элибиздин эзелки турмушундагы баа жеткис баалуу экспонаттарды: карапа идиштерди, кылыч, шамшар, жебенин учу жана башка буюм-тайымдарды таап келишип, музейдин фондусун байытышат.

# Илгерилеген илимий иштер



Музейдин илимий кызматкерлеринин изденген иш-аракети астында респупликанын археология илимине буга чейин белгисиз болгон сак көрүстөндөрү (Талас району, Чоң –Токой айылы), эзелки ата-бабанын металл эриткен жерлери (Талас району, Беш-Таш капчыгайы) табылган.

Музейдин илимий кызматкерлери республиканын башка аймактарындагы, коңшу мамлекеттердеги тарыхый жерлерге илимий экспедицияларга чыгышат. Алар Ысык-Көлдүн, Нарындын, Оштун, Жалалабаттын тарыхый жерлеринде болушуп, эзелки экспонаттарды таап кайтышкан. Ысык-Көл жана Нарын аймактарынан бир кыйла балбал таштарды алып келишкен.







Илимий изденүүлөр, иликтөөлөр боюнча эмгектерди жазышып, жарыкка чыгарышкан. “Манас” эпосу музейинин кызматкерлери Мударис Ибралиев, Асан Жунушалиев “Манас Күмбөзү” китепчесин жазышты. Учурда илимий экспедициялар боюнча сүрөттүү китепти чыгаруунун үстүндө иштешүүдө. Рысжан Жунушбекова, Нура Бектемирова “Манас музейи” сүрөттүү китепчесин, Гүлнара Бегалиева “Кыргыз улуттук Манас Ордо комплекси”, Касым Кыялбеков, Кудайберген Кенжегараев “Манас Атага сыйынуу”, китепчелеринин үстүндө иштешип жарыкка чыгарышты. КУМОКтун башкы директору Ормош Чоюнбаев жергебиздеги аска беттердеги эзелки сүрөттөрдү- петроглифтерди иликтеп, илимий эмгек жазууга киришкен.



Улуттук комплекстин жетекчилиги манастаануу маселесине кызыккан инсандарды өздөрүнүн илимий иштерине тартат. Кыргыз улуттук педагогикасынын чоң устаты, Кыргыз эл мугалими Бектур Исаков бул максаттагы иштерге олуттуу кеңештерин жана көмөктөрүн көрсөтөт. 2007-жылы улуттук комплекс тарабынан белгилүү педагогдун “Кыргыз каганаты кантип талкаланган”, “Кыргыздар элдигин кантип сактап калган”, “Манастын төрөлүшү”, “Манастын балалык чагы”, түрмөктөрү (китепчелери) “Учкун” басмаканасынан чыгарылып,окурмандарга сунушталган. Жакында педагогдун КУМОКтун башкы директору Ормош Чоюнбаев менен авторлошуп жазган “Манас таалими” китепчеси басмадан чыгып, окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынды.



Таластан табылган V-XIII кылымдарга таандык Орхон Энесай ташы

# Бабалардан калган баалуу мурастар


Кеңкол көрүстөнүндө

Кыргыз Улуттук Манас Ордо комплексиндеги дагы бир чоң тарыхый баалуу жай-Кең-Кол көрүстөндөрү. Ал Манастын Кароол чокусунун түндүк тарабындагы Камырдын Бели аттуу жерде жайгашкан. Бул дүйнөлүк археологиялык илиминде өтө баалуу саналат. Кең-Кол көрүстөндөрү 100гө жакын таш дөбөдөн жана топурак дөбөдөн турат.

Көрүстөндөр өткөн кылымда А.Н.Бернштамдын, П.Н.Кожемяконун археологиялык отряддары тарабынан казылып изилденген. Көрүстөндөрдүн диаметри 8-12метр,бийиктиги 0,5-1метр келери, айрымдары сүйрү келип, узундугу 2-3метр, туурасы 1-2метр,бийиктиги 0,8-12 метр келери аныкталган, өлүктөр бирден, экиден, кээде тобу менен көмүлгөн. Көрүстөндөрдөн өлүктөрдүн жанына коюлган тиричилик буюм-тайымдар, түрдүү курал-жарактар табылган. Кең-Кол көрүстөндөрү б.з. IV-V кылымдарына таандык деп эсептелет. Көрүстөндөрдүн көпчүлүгү мурдатан казылып, ичиндеги баалуу буюмдар уурдалгандыгы белгилүү.




Балбал таштар

Тарых эстеликтеринин белгиси-балбал таштар. Тээ илгерки кыргыз айкелчилери урпактарга эстелик калтыруу үчүн ошол доор, мезгилдин тарых учкунун, насыят, осуяттарын ташка чегишип, из калтырышкан. Алар таштарды Букар таш, Балбал таш, Моло таш, Сын таш, Соку таш, Шумкар таш деп бөлүп келишкен. Адистердин айтымында балбал таштар бир нече кылымдарды, бүтүндөй доорду өзүнө камтыйт.

Байыркы көчмөн бабаларыбыз таш эстеликтерди Алтай, Энесай, Орхонго чейин коюшкан. Монголияга чейин созулган мейкиндиктерде Хакас, Тува Алтай элдери "Кыргыз хур" (Кыргыз көрүстөндөрү) деп аталган жерлер көп. Балбал таштар жөн гана эстелик эмес, кыргыз элинин жан дүйнөсүнүн, рухунун элесин берген эстеликтер. Манас Ордо комплексинин "Манас" эпосу музейинин түштүк тарабына коюлган балбал таштар ыйык жайга келген адамдардын назарын бурбай койбойт. Өзгөчө тарыхчы адистердин өтө кызыгуусун туудурат. Музейдин адистери мындай экспонаттарды өлкөбүздүн туш тарабынан баалуу табылга катары алып келишүүдө.





# Тейлөө иши жакшырууда



Кыргыз Улуттук Манас Ордо комплексине күн сайын ондогон, жүздөгөн адамдар келишет. Ордо комплексте жайгашкан дүкөндөрдөгү, павильондордогу, жайкысын боз үйлөрдөгү тейлөө кызматчылары аларга кызмат көрсөтүшөт.

Соода түйүндөрдө суусундуктар: кымыз, жарма, максым сыяктуу улуттук тамактардан тартып, улуттук сувенирлер, белектер, ыйык тумарлар сатылат. Азыркы учурда темир павильондордун ордуна стандартка ылайык имараттар курулууда. Касиеттүү рухтардын кудуретин чагылдырган сувенирлер ар дайым кардарлардын кызыгуусун туудурат. “Манас” музейинин ичинде жайгашкан соода бурчунда элдик кол өнөрчүлөрдүн чебер колдорунан жаралган чакан айкелдер, баатырлардын эстеликтери түшүрүлгөн барельефтер, прикладдык искусствонун чыгармалары ар дайым жаңыланып, изденүүнүн акыбетинен жаралганы айкын көрүнөт. Каалоочулар аталган жайда эмгектенген, кесиптик жактан такшалган фотосүрөтчүлөрдүн да кызматтарын пайдалана алышат.









# Айкөлдүн ордосунан Ак бата





Кол кармашып турмуш жолуна бирге түшүшкөн жаш жубайлардын Манас Ордого зыяратка келип, Айкөл Манас, Каныкей Эне, Бакай Баба баш болгон кыргыз элинин касиеттүү рухтарынын арбагына куран түшүрүп, Жаратkандан жакшылык тилеп, Айкөлдүн ордосунан аксакалдардан Акбата алышы салтка айланган. "Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт" деп эзелтеден элибиз аксакалдуу атанын, ак элечек эненин, ак жолдогу адамдын ак дилинен берген ак батасына, сөздүн кудуретине, касиетине ишенишет.





Жаш жубайлардын келечекте ынтымактуу, ырыс-кешиктүү өмүр сүрүп, ата-энесин, жакындарын сыйлап, эли-жерин сүйүп урматтосуна ыйык жайдын таасири чоң болоору талашсыз.

Айкөл Манастын Ордосунан жакшылык тилеген урматтуу жаш жубайлар, силердин ак никеңерден жаралган ак ниетиңер кабыл болсун! Жараткан өзү колдоп, Айкөл Атабыздын арбагы жар болсун! Элибиздин ыйык атамазары-Манас Ордо силердин тунук махабатыңардын, мөлтүр сүйүүңөрдүн жана бактылуу турмушуңардын күбөсү болуп турсун!

Кыдыр болсун жолдошуң,
Кыйын күн башта болбосун.
Ыйык тут Манас Ордосун,
Оомийин, Кудай колдосун!



## Кароол Чоку

Кароол чоку ордо комплекстин өтө баалуу жана ыйык жайларынын бири. Сымаптай болуп Талас өрөөнүнүн баш аягына созулган Талас дарыясы, кундуздай кулпурган, көркөмү өзгөчө Талас токою, келберсиген, касиеттүү кең Талас Кароол Чокунун үстүнөн алаканга салгандай даана көрүнөт. Учурунда Айкөл Манас ар дайым өрөөндүн баш аягына көз чаптырып тургандыгы айтылат. Таластын башындагы Бакайдын Ташы, ортосундагы Эчкилүү Тоо, этегиндеги Манас Тоосу жоокерчилик заманда кароол жайдын милдетин аткарган. Алардан от жагып, буркуратып түтүн чыгарган белги хан Манастын өргөөсү Кароол Чокуга даана көрүнүп турган.

Мындайда, Кабылан Манас жоо жарагын байланып, чоролорун ээрчитип жоону беттеп жөнөп калган. Ал эми Кең Кол өзөнү Кароол Чокунун арт жагында жайгашып душманды артынан барып капыстан кол салууга стратегиялык жактан ыңгайлуу жер болуп эсептелинген.

Кайып күчтөр жолуккан адамдардын айрымдары Кароол Чокуда Теңирдин кудурети менен кут, нур орун алган дөп айтышат. Ал эми руханий дүйнөгө жакын, чыгармачыл адамдар Кароол Чокудан бийик жана асыл ойлорго ширелген илхам кудурети, шыктанууга энергия пайда болоорун көп айтышат.



...оролорун
...ну Кароол
...ыстан кол
...
...ол Чокуда
...ат. Ал эми
...удан бийик
...ргия пайда

# Манас Ата жердеген кең Талас



Кеңкол



Манас Алатоосу



Эчкили тоо

"Жылгындуу Кең-Кол,кең Талас,

Атабыз өткөн эр Манас"- деп эпосто бекеринен айтылган эмес. Кең-Колдун кооздугу өзүнчө көркөм керемет. Мал киндиктүү жер. Андан Кең-Кол суусу агып чыгат.Ал алгач чыгышка, кийин батышка эки бөлүнүп, жүрө-жүрө түштүккө бурулат. Бул Кең-Кол суусу, Нылды суусу деп аталып Талас дайрасына куят.

Кең-Колду өрдөй бергендеги эки өзөн-Чачыке, Обо деп аталып жүрөт. Чачыкей (Семетейдин жары) жазында дайым ошол коктуну конуш кылганы үчүн анын ысымынан Чачыке деп аталып калган экен.



Шумкар уя



Бакай таш

Эчкилүү Тоо

Кыргыз Алатоосунун бир учу. Элибизде Эчкилүү Тоо-касиеттүү болуп саналат.
Каныкей Энебиз душмандын көзүн жазгырыш үчүн "Эчкилинин аскасы, эч адамга билдирбей, эр төрөлмө жай кылып, Айкөлдүн сөөгүн жашырдым" деп эл арасына сөз тараткан. Ошол үчүн элибиз бул тоону ыйык тутушат.

Шумкар - Уя

Талас тоо кыркасынын чыгыш тарабындагы көк мелжиген аска бүркүт уялап, түнөк кылган жер. Убагында Манас Атабыз Ак шумкарды ушул зоодон алгандыгы эпосто айтылат. Азыр да шумкарлар түнөк кылып уялашат.





Каныкей апанын булактар



ын булактары

# Ыйык булактар





Айчүрөк апанын булагы

### Каныкей апанын булагы

Каныкей апанын ыйык булагы Кең-Кол суусуна жакын жерден (Ак –Жар айылынын жаны) оргуп чыгат. Булактын үстүндөгү жайыкка Каныкейдин, кийин Айчүрөктүн өргөөлөрү тигилген. Ушул булактан суу алышкан. Ошондон ушуга Каныкейдин булагы аталат. Эл ыйык мазар катары аздектейт. Бала көрбөгөндөр, сыркоолор түнөп чыгышат.

Булак Ордодон 1,5км алыстыкта жайгашкан. Булактын суусу азыр туристтерге, расмий конокторго сунулуп, ыйык жерди даңазалоо үчүн дагы бир себепкер болуп, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруудa.

Каныкей апа булагынын айланасында жашылдандыруу жана көрктөндүрүүгө көңүл бөлүнүп, зыяратка келген адамдардын ыйык жайына айланып баратат. Азыр Кыргыз Улуттук Манас Ордо комплексинин жетекчилиги тарабынан атайын шайык (кароолчу) бекитилген.





Каныкей апанын булактары



### Айчүрөк апанын булагы

Бул Каныкей апанын булагынан бир азыраак ылдыйда, Ак-Жар айлынын этегинде жайгашкан. Айчүрөк ак куу кебин кийип, удургуп аккан булактын боюнда Семетейди күтүп, анын колундагы ак шумкарын ала качкан жер. Ал кийин Айчүрөктүн булагы аталып калган.

### Чачыке

Кен-Кол ичиндеги Семетейдин жубайы Чачыкейдин өргөөсү тигилген өзөн. Күнтийбестин маңдайындагы жашыл шибери көйкөлгөн, малга, жанга жайлуу кооз жер. Айчүрөк ак куу кебин кийинип келгенде, Чачыкейге ушул жерден жолуккан экен.










МАНАС
-элдердин биримдиги







# Өркүндөй бер, Улуттук комплекс!



Элибиз өткөн тарыхын, жашоо-турмушка болгон ой-жорумун, келечектен күткөн мүдөө максатын, үрп-адатын, салт-санаасын “Манасында” укумдан тукумга өткөрүп, уламалап айтып келген. Эркин мамлекеттүүлүктү эңсөө, Атажуртун сүйүү, элдин биримдигин, ынтымагын туу тутуу, гуманизм идеялары эпикалык дастаныбыздын өзөгүн түзөт. Улуттук идеябыздын тамыры мына ушул түбөлүк соолгус гүлазыктан азыктанат. Айкөл Манастын арбагына таазим жасап, Жаратკандан жанына, элге журтка жакшылык тилеп, зыяратчылык жасоо, “Манас” эпосунун керемет дүйнөсү менен таанышуу элибиздин түбөлүк улуу рухун аздектеп жана ага, өз элинин кулуну катары, терең сыймыктануу деп түшүнүшүбүз керек. Зыяратчылардын көпчүлүгү ыйык жайга келгенде жан дүйнөлөрү арууланып, сезимдери бөтөнчө таасирлерге бөлөнүп каларын көп айтышат. Ал керемет таасирлер Айкөл Манастын, анын Кырк-Чоролорунун, дүйнө элдеринин аксакалдарынын бири болгон кыргыз элинин улуу руху, жан дүйнөсү.

Кумдай куюлган сансыз жылдар өттү. Элибиз башынан бактылуу күндөрдү, азаптуу түндөрдү өткөрдү. Далай тарыхый окуялар өткөн аймак, жер элдин эсинде бекем сакталып калат да, анан жылдар жылып, мезгилдер өтүп, бара бара ал жер эл ыйык туткан мазарлуу жайга айланат. Андай жер энергиялуу келип, тилеген тилегиң Теңирге түз жетет дешет.

Манастын арбагына таазим жасоо ар бир кыргызстандык атуулдун ыйык парзы болуп калууга тийиш. Өз элинин асыл нарктарын барктай билген адам өзүн өзү барктай билет. Өзүн өзү тааныган адамдын көөнү таза, көкүрөгү билимдүү болот,Ата Журту үчүн ак дилинен кызмат кылат. Аруу түшүнүктүү патриот адамдар көп болгон эл дүйнөлүк цивилизация менен тең адымдап өнүгө алат.

Улуттук комплекске чет элдик туристтердин келиши жылдан жылга көбөйүп баратат. Индиядан, Голландиядан, Финляндиядан, Австриядан, Швейцариядан, Белгиядан, Болгариядан, Венгриядан туристтер келип, “Манас” жана Манас Ордо туурасында бай маалыматтарды алып кетишет.

Айкөлдүн ордосу-элдики, келечек муундуку. Арабдар Хеопс баш болгон пирамидаларын жанында жаткан ташына чейин бекем кайтарып, аздектеп мамиле жасашат. Алар таш менен дүйнөнүн жети кереметинин бирин тургузушса, кыргыздар адамдын акылын айран кылгандай деңгээлде көркөм сөздөн кайталангыс руханий улуу мурас тургузган элибиз. Эпикалык өнөр жагынан алганда “Манас” эпосу жалпы адамзаттын кайталангыс маданий мурасы болуп саналат. Андыктан “Манасыбыздын” жана Манас Ордобуздун дүйнө коомчулугунун арасында дагы көкөлөп, кеңири таанылa беришине аракеттенишибиз керек.

Улуу “Манас” эпосу- элибиздин түбөлүктүү эпикалык чыгармасы. Демек, Улуттук Манас Ордо комплекси да түбөлүктүү! Өркүндөй бер, Улуттук Ыйык жай!

# “МАНАС” дүйнөсү




“Манас” эпосу музейинде илинген (кол менен чийилген) Манас дүйнөсү картасы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгына карата Т.Эшенкулов, С.Өмүрзаков, А.Бөрүбаев тарабынан түзүлгөн. Бул карта Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча түзүлүп, айрым учурда кошумча маалыматтар менен бирге, Саякбай Каралаевдин варианты пайдаланылган. Картага эпосто кезиккен жер, суу аттары (көлдөр, дарыялар, шаарлар, жерлер, этностор, өлкөлөр, морфологиялык түшүнүктөр ж.б.) табигый чөйрөгө ылайыкталып, табылгандары гана киргизилген. Ошондой эле эпостун негизги окуялары (Чоң казат, ээликтер, ар кандай багыттар ж.б.) алардын аттары жазылып цифра менен белгиленген.

Урматтуу зыяратчылар, экскурсоводдор картада камтылган мейкиндиктер жана аймактар боюнча, Сиздерге кыргыз элинин улуу эпикалык чыгармасы кучагына сыйдырган жерлер жана окуялар боюнча кызыктуу баяндама жасап берет.



Редактору: Ормош ЧОЮНБАЕВ
Текстерди даярдагандар: Нура БЕКТЕМИРОВА
Асан ЖУНУШАЛИЕВ
Фотосүрөттөрдү тарткан: Кудайберген КЕНЖЕГАРАЕВ
Китепчени көркөмдөгөн: Жаныбек РАЙ

Китепчеге «Манас Ордо» комплексинин фотоархивинен айрым сүрөттөр пайдаланылды.